КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

# СЕРТИФИКАТ

№ СС190003405

БУЛ СЕРТИФИКАТ

*Тешебай Исак уулу атындагы №35 жалпы билим берүүчү орто мектеби мекемеси*

ТИРКЕМЕДЕ КӨРСӨТҮЛГӨН ПРОГРАММА (ПРОГРАММАЛАР) БОЮНЧА АККРЕДИТАЦИЯДАН ӨТКӨНДҮГҮН ТАСТЫКТАЙТ.

Юридикалык дареги: *Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад облусу, Базар-Коргон району, Кокот айылы*

Жайгашкан жери: *Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад облусу, Базар-Коргон району, Кокот айылы*

Салык төлөөчүнүн идентификациялык номери: *00210200310353*

Сертификаттын мөөнөтү: *05.07.2023-ж.*

Негизи: *Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2018-жылдын 5-июлдагы, №894/1 буйругу*

Сертификат тиркемесиз жараксыз

**Министр** Г.К. Кудайбердиева

Аныктыгын текшерүү: www.shrift.kg

Каттоо номери 2018/0927

Берилген жылы: 2019

*Бишкек шаары*

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# СЕРТИФИКАТ

№ СС190003405

НАСТОЯЩИЙ СЕРТИФИКАТ ПОДТВЕРЖДАЕТ, ЧТО

*Учреждение общеобразовательная средняя школа №35 имени Тешебая Исак уулу*

ПРОШЕЛ (ПРОШЛА) АККРЕДИТАЦИЮ ПО ПРОГРАММЕ (ПРОГРАММАМ), УКАЗАННЫМ В ПРИЛОЖЕНИИ.

Юридический адрес: *Кыргызская Республика, Жалал-Абадская область, Базар-Коргонский район, село Кокот*

Местонахождение: *Кыргызская Республика, Жалал-Абадская область, Базар-Коргонский район, село Кокот*

Идентификационный номер налогоплательщика: *00210200310353*

Срок действия сертификата: *05.07.2023 г.*

Основание: *Приказ Министерства образования и науки Кыргызской Республики № 894/1 от 5 июля 2018 г.*

Сертификат без приложения недействителен

**Министр** Г.К. Кудайбердиева

Проверка подлинности: www.shrift.kg

Регистрационный номер 2018/0927

Год выдачи: 2019

*город Бишкек*

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
### БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

### № CC190003405 СЕРТИФИКАТЫНА №1 ТИРКЕМЕ

*Тешебай Исак уулу атындагы №35 жалпы билим берүүчү орто мектеби мекемеси*

| № | Программанын аталышы |
|---|---|
| 1 | негизги жалпы билим берүү |
| 2 | орто жалпы билим берүү |

Негизи: *Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2018-жылдын 5-июлдагы, №894/1 буйругу*

Тиркеме сертификатсыз жараксыз

МИНИСТР Г.К. Кудайбердиева

Аныктыгын текшерүү: www.shrift.kg

## КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

### МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
### КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

### ПРИЛОЖЕНИЕ №1 К СЕРТИФИКАТУ № CC190003405

*Учреждение общеобразовательная средняя школа №35 имени Тешебая Исак уулу*

| № | Название программы |
|---|---|
| 1 | основное общее образование |
| 2 | среднее общее образование |

Основание: *Приказ Министерства образования и науки Кыргызской Республики № 894/1 от 5 июля 2018 г.*

Приложение без сертификата недействительно

МИНИСТР Г.К. Кудайбердиева

Проверка подлинности: www.shrift.kg

КР 2017-жылдын 27-апрелиндеги № 64 Мыйзамы менен киргизилген өзгөртүүлөр, берилген Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып алты ай өткөндөн кийин күчүнө кирет

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БАЛДАР ЖӨНҮНДӨ КОДЕКСИ**

2012-жылдын 10-июлу № 100

(КР 2017-жылдын 27-апрелиндеги № 64, 2018-жылдын 30-мартындагы № 33 , 2019-жылдын 24-апрелиндеги № 56, 2020-жылдын 1-августундагы № 109 Мыйзамдарынын редакциясына ылайык)


**I БӨЛҮМ.**
**ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР**

1-глава. Балдардын укуктарын жана таламдарын коргоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары
2-глава. Балдардын укуктары жана таламдары, аларды камсыз кылуунун кепилдиктери
3-глава. Балдардын укуктарын жана таламдарын камсыз кылуу чөйрөсүндөгү органдар

**II БӨЛҮМ.**
**ТУРМУШТУК ООР КЫРДААЛДА ТУРГАН БАЛДАРДЫ КОРГООНУН УЮШТУРУУЧУЛУК НЕГИЗДЕРИ**

4-глава. Турмуштук оор кырдаалда турган балдарды коргоо тутуму
5-глава. Турмуштук оор кырдаалда турган балдарды коргоо боюнча чаралар
6-глава. Турмуштук оор кырдаалда турган балдарга кызмат көрсөтүүчү субъекттерди аккредитациялоо

**III БӨЛҮМ.**
**АТА-ЭНЕЛЕРИНИН КӨЗӨМӨЛЧҮЛҮГҮСҮЗ КАЛГАН БАЛДАРДЫ КОРГООНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ**

7-глава. Ата-энелеринин көзөмөлчүлүгүсүз калган балдарды табуу жана жайлаштыруу
8-глава. Балдарды асырап алуу
9-глава. Балдарга камкорчулук жана көзөмөлчүлүк
10-глава. Багуучу үй-бүлө

**IV БӨЛҮМ.**
**БАЛДАР ҮЧҮН ЮСТИЦИЯ**

11-глава. Мыйзам менен чатагы бар балдарды коргоонун өзгөчөлүктөрү
12-глава. Зомбулуктун же кылмыштын курмандыгы болгон балдарды коргоонун өзгөчөлүктөрү

**V БӨЛҮМ.**
**КОРУТУНДУ ЖОБОЛОР**


Ушул Кодекс балдардын Кыргыз Республикасынын Конституциясында каралган укуктарынын,

Кыргыз Республикасы бул Конвенцияга
Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 1994-жылдын
12-январындагы N 1402-XII токтому менен кошулган

Баланын укуктары жөнүндө КОНВЕНЦИЯ

Преамбула

Ушул Конвенцияга катышкан мамлекеттер,

Бириккен Улуттар Уюмунун Уставында жарыяланган принциптерге ылайык, коомдун бардык мүчөлөрүнө таандык кадыр-баркты, бир теңдүү жана ажырагыс укуктарды таануу жер жүзүндө эркиндикти, акыйкатты жана тынчтыкты камсыз кылуунун негизи деп эсептеп,

Бириккен Улуттардын элдери Уставда адамдын негизги укуктарына, адам инсанынын кадыр-баркына жана дөөлөтүнө өз ишенчиликтерин ырастаган кеңири эркиндиктин тушундз социалдык прогресске жана жашоо шарттарын жакшыртууга көмөк көрсөтүүгө чечкиндүү экендиктерин көңүлгө алып,

Бириккен Улуттар Уюму Адам укуктарынын жалпы декларациясында жана Адам укуктары жөнүндө эл аралык пактыларда, ар бир адам аларда көрсөтүлгөн бардык укуктарга жана эркиндиктерге расасы, өңүнүн түсү, жынысы, тили, дини, саясий же башка ынанымдары, улуттук же социалдык теги, мүлктүк абалы, туулушу же башка жагдайлары сыяктуу белгилер боюнча эч кандай айырмасыз ээ болууга тийиш экендигин жарыялагандыгын жана макул тапкандыгын таанып,

Бириккен Улуттар Уюму Адам укуктарынын жалпы декларациясында балдар өзгөчө камкордукка жана жардамга укуктуу экендигин жарыялагандыгын эскертип,

Коомдун негизги уюгу жана анын бардык мүчөлөрүнүн жана айрыкча балдардын өсүшү жана жыргалчылыгы үчүн табигый чөйрөсү катары үй-бүлө коомдун чектеринде ал өз милдеттерин толук көтөрө алыш үчүн зарыл болгон коргоого жана көмөк көрсөтүүгө эгедер болууга тийиш экендигине ынанып,

Баланын инсан катары толук жана телегейи тегиз өнүгүшү үчүн ал үй-бүлөнүн камкордугунда, бактынын, сүйүүнүн жана түшүнүүнүн кучагында өсүшү зарыл экендигин таанып,

Бала коомдук турмушта өз алдынча жашоого толук даяр болушу керек жана Бириккен Улуттар Уюмунун Уставында жарыяланган идеалдардын рухунда, айрыкча тынчтыктын, кадыр-барктын, сабырдуулуктун, эркиндиктин, теңдиктин жана тилектештиктин рухунда тарбиялануусга тийиш деп эсептеп,

Баланы мындай өзгөчө коргоонун зарылдыгы 1924-жылдагы Баланын укуктарынын Женева Декларациясында жана 1959-жылы 20-ноябрда Башкы Ассамблея кабыл алган Баланын укуктарынын декларациясында каралгандыгын жана Адам укуктарынын жалпы декларациясында, Граждандык жана саясий укуктар жөнүндө Эл аралык пактыда (атап айтканда 23 жана 24-статьяларда), Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө Эл аралык пактыда (атап айтканда 10-

статьяда), ошондой эле балдардын жыргалчылыгынын маселелери боюнча иш жүргүзгөн адистештирилген мекемелердин жана эл аралык уюмдардын уставдарында жана тиешелүү документтеринде таанылгандыгын эске алып,

Баланын укуктарынын декларациясында көрсөтүлгөндөй "өзүнүн мүчө боюнун жана акылынын жетиле электигине байланыштуу бала атайын коргоого жана кам көрүүгө, анын ичинде туулганга чейин да, туулгандан кийин да тиешелүү укуктук коргоого муктаж" экендигин эске алып,

Балдарды коргоого жана алардын жыргалчыгылына, айрыкча балдарды улуттук жана эл аралык деңгээлде тарбиялоого берүүгө жана аларды асырап алууга тиешеси бар Социалдык жана укуктук принциптер жөнүндө декларациянын, жашы жете элек балдарга карата сот акыйкаттыгын аткарууга тиешеси бар Бириккен Улуттар Уюмунун минималдуу стандарттык эрежелеринин ("Пекин эрежелери"), Өзгөчө жагдайларда жана куралдуу чыр-чатактардын мезгилинде аялдарды жана балдарды коргоо жөнүндө декларациянын жоболоруна таянып,

Дүйнөнүн бардык өлкөлөрүндө өтө оор шарттарда жашаган балдар бар экендигин жана мындай балдар өзгөчө көңүл бурууга муктаж экендигин таанып,

Баланы коргоо жана аны ар тараптан өнүктүрүү үчүн ар бир элдин каада-салтынын жана маданий дөөлөттөрүнүн маанилүү экендигин тиешелүү түрдө эске алып,

Ар бир өлкөдөгү, асыресе, өнүгүп жаткан өлкөлөрдөгү балдардын жашоо шартын жакшыртуу үчүн эл аралык кызматташтыктын маанилүүлүгүн таанып,

Төмөндөгүлөр жөнүндө макулдашышты:

## I Бөлүк

1-статья.

Эгерде, ар бир 18 жаш куракка толо элек адам баласы, өзүнө карата колдонулуучу мыйзам боюнча эрезеге эрте жетпесе, ал ушул Конвенцияда бала катары таанылат.

2-статья.

1. Катышкан мамлекеттер өздөрүнүн юрисдикциясынын чектеринде болгон ар бир баланын ушул Конвенцияда каралган бардык укуктарын эч кандай басмырлоосуз, расасына, өңүнүн түсүнө, жынысына, тилине, динине, саясий же башка ынанымдарына, улуттук, этностук же социалдык тегине, мүлктүк абалына, баланын, ден соолугунун абалына жана туулушуна анын ата-энесине же мыйзамдуу көзөмөлчүлөрүнө же кандайдыр-бир башка жагдайларга карабастан урматташат жана камсыз кылышат.

2. Катышкан мамлекеттер баланын, анын ата-энесинин, мыйзамдуу көзөмөлчүлөрүнүн же үй-бүлөнүн башка мүчөлөрүнүн статусунун, ишинин, көз караштарынын же ынанымдарынын негизинде баланы басмырлоонун же жазалоонун бардык түрлөрүнөн коргоону камсыздоо үчүн бардык зарыл чараларды көрүшөт.

3-статья.

1. Балдарга карата бардык аракеттерде, алар социалдык жактан камсыз кылуу маселелери жагында иш жүргүзгөн мамлекеттик же жекече мекемелер, соттор, административдик же мыйзам чыгаруу органдары тарабынан колдонулгандыгына карабастан биринчи кезекте баланын таламдарын эң мыкты камсыздоого көңүл бурулат.
2. Катышкан мамлекеттер баланын жыргалчылыгы үчүн зарыл болгон коргоону жана камкордукту камсыз кылууга милдеттенишет, мында бала үчүн мыйзам боюнча жоопкерчиликте болгон анын ата-энесинин, көзөмөлчүлөрүнүн же башка адамдардын укуктары жана милдеттери эске алынат жана ушул максатта тиешелүү бардык мыйзамдык жана административдик чараларды көрүшөт.
3. Катышкан мамлекеттер балдар жөнүндө кам көрүүгө же аларды коргоого жооптуу болгон мекемелер, кызматтар жана органдар компетенттүү органдар тарабынан белгиленген нормаларага жооп беришин, атап айтканда коопсуздук жана саламаттык жагында, аларда иштегендердин саны жана алардын жарактуулугу жагында жооп беришин, ошондой эле компетенттүү көзөмөлдү камсыз кылышат.

4-статья.

Катышкан мамлекеттер ушул Конвенцияда таанылган укуктарды жүзөгө ашыруу үчүн бардык зарыл болгон мыйзамдык, административдик жана башка чараларды көрүшөт. Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жагында катышкан мамлекеттер мындай чараларды өздөрүндө болгон ресурстардын максималдуу чектеринде, зарыл учурда эл аралык кызматташтыктын чектеринде көрүшөт.

5-статья.

Катышкан мамлекеттер ата-энелердин жана тиешелүү учурларда жергиликтүү каада-салтта каралгандай кеңири үй-бүлөнүн же жамагат мүчөлөрүнүн, көзөмөлчүлөрдүн же мыйзам боюнча бала үчүн жоопкерчиликте болгон, алар тарабынан ушул Конвенцияда таанылган укуктарды жүзөгө ашырууда балага тиешелүү таалим-тарбия берүүгө жана аны баланын өсүп жаткан жөндөмдүүлүгүнө ылайык жасоого мыйзам боюнча жооптуу болгон башка адамдардын жоопкерчилигин, укуктарын жана милдеттерин урматтайт.

6-статья.

1. Катышкан мамлекеттер ар бир бала жашоо үчүн ажырагыс укукка эгедер экендигин таанышат.

2. Катышкан мамлекеттер баланын жан сакташын жана мыкты өнүгүшүн мүмкүн болгон даражада камсыз кылат.

7-статья.

1. Бала туулгандан кийин дароо катталат жана туулган учурдан тартып ысым алууга жана жарандыкка ээ болууга, ошондой эле мүмкүн болушунча өз ата-энесин билүүгө укуктуу жана алардын кам көрүшүнө укуктуу болот.

2. Катышкан мамлекеттер бул укуктардын улуттук мыйзамдарга ылайык жүзөгө ашырылышын жана алардын милдеттенмелеринин бул жагындагы тиешелүү эл аралык документтерге, атап айтканда баланын жарандыгы жок болгон учурда ылайык аткарылышын камсыз кылышат.

8-статья.

Катышкан мамлекеттер мыйзамсыз кийлигишүүгө жол бербестен, баланын жекече өзгөчөлүктөрүн, анын ичинде жарандыгын, ысымын жана үй-бүлөлүк байланыштарын сактоого болгон мыйзамда каралган укугун урматтоого милдеттенет.

2. Эгерде бала өзүнүн жекече өзгөчөлүктөрүнүн бир бөлүгүнөн же бардык элементтеринен мыйзамсыз түрдө ажыратылса, катышкан мамлекеттер ага зарыл жардам көрсөтүүнү жана анын жекече өзгөчөлүгүн тезинен калыбына келтирүү үчүн зарыл жардам көрсөтүүнү жана коргоону камсыз кылат.

9-статья.

1. Катышкан мамлекеттер соттун чечими боюнча компетенттүү органдар колдонуудагы мыйзамдарга жана жол-жоболорго ылайык баланын жогорку таламдарында аны ата-энесинен ажыратуу зарыл деп аныктагандан башка учурларда, өзүнүн ата-энеси каалабаса, алардан баланын ажыратылбашын камсыз кылат. Мындай аныктама тигил же бул айкын учурда зарыл болуп калышы мүмкүн, мисалы ата-энеси балага катаал мамиле жасаса же ал жөнүндө кам көрбөсө же ата-энеси бөлөк жашаса жана баланын жашаган жери тууралу чечим кабыл алуу зарыл болсо, ушундай аныктама чыгарылат.

2. Ушул статьянын 1-пунктуна ылайык ар кандай териштирүүнүн жүрүшүндө ишке тиешеси бар бардык тараптарга териштирүүгө катышууга жана өзүнүн көз карашын билдирүүгө мүмкүнчүлүк берилет.

3. Катышкан мамлекеттер мунун өзү баланын жогорку таламдарына карама-каршы келгенден башка учурларда, ата-энесинин биринен же экөөнөн тең ажыратылган баланын ата-энесинин экөө менен тең такай негизде жеке мамиледе жана тикелей байланышта болуу укугун урматтайт.

4. Мындай ажыратуу катышкан мамлекет тарабынан кабыл алынган кандайдыр бир чечимге байланыштуу болгондо, мисалы баланын ата-энесинин бири же экөө тең камакка алынганда, түрмөгө отургузулганда, айдап жиберилгенде, депортацияланганда же өлгөндө (ал адам мамлекеттин карамагында болгон мезгилде ар кандай себеп боюнча өлүмгө дуушар болгондо) катышкан мындай мамлекет баланын ата-энесине, балага же бул зарыл болсо, эгерде мындай маалымат берүү баланын жашоосуна зыян келтирбесе, үй-бүлөнүн башка мүчөсүнө алардын өтүнүчү боюнча үй-бүлөнүн жок болгон мүчөсү (мүчөлөрү) тууралу зарыл маалымат берет. Катышкан мамлекеттер мындай өтүнүчтү канааттандыруу мындан кийин өзүнөн-өзү тиешелүү адамга (адамдарга) терс натыйжаларды пайда кылбашын камсыз кылат.

10-статья.

1. Катышкан мамлекеттердин 9-статьянын 1-пункту боюнча милдеттенмелерине ылайык баланын же аны ата-энесинин үй-бүлөнү бириктирүү максатында катышкан мамлекетке келүү же андан кетүү максатында берген арызы катышкан мамлекеттер тарабынан оңунан гумандуу жана тез аранын ичинде каралууга тийиш. Катышкан мамлекеттер мындай өтүнүчтү канааттандыруу мындан кийин арыз берүүчүлөр жана алардын үй-бүлө мүчөлөрү үчүн жагымсыз натыйжаларды пайда кылбашын камсыз кылышат.

2. Ата-энеси ар кандай мамлекетте жашаган бала өзгөчө жагдайлар болгондон башка учурларда, ата-энесинин экөө менен тең туруктуу негизде жеке мамилелерде жана тикелей байланыштарда болууга укуктуу. Ушул максатта жана катышкан мамлекеттердин 9-статьянын 2-пункту боюнча милдеттенмелерине ылайык катышкан мамлекеттер баланын жана анын ата-энесинин ар кандай өлкөдөн, анын ичинде өзүнүн өлкөсүнөн кетүүгө жана өз өлкөсүнө кайтып келүүгө болгон укугун урматташат. Ар кандай өлкөдөн кетүү укугуна карата мамлекеттик коопсуздукту, коомдук тартипти (ordre public) калктын ден соолугун же адеп-ахлактуулугун же башка адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо үчүн мыйзамда белгиленген жана зарыл болгон жана ушул Конвенция тарабынан таанылган башка укуктарга ылайык келген чектөөлөр гана колдонулат.

11-статья.

1. Катышкан мамлекеттер балдардын мыйзамсыз түрдө чет өлкөгө жер которушуна жана кайтпай калышына каршы күрөшүү үчүн чараларды көрөт.

2. Бул максатта катышкан мамлекеттер кош тараптуу же көп тараптуу макулдашууларды түзүүгө же колдонуудагы макулдашууларга кошулуута көмөк көрсөтүшөт.

12-статья.

1. Катышкан мамлекеттер өзүнүн жеке көз караштарын билдирүүгө жөндөмдүү болгон баланын өзүнө тиешелүү болгон бардык маселелер боюнча бул көз караштарды эркин билдирүү укугун камсыз кылат, мындан тышкары баланын көз караштарына анын курагына жана жетилгендигине ылайык тиешелүү көңүл бурулат.

2. Бул максатта балага, атап айтканда тиешелүү ар кандай соттук же административдик териштирүүнүн жүрүшүндө аны угууга мүмкүнчүлүк берилет, же болбосо түздөн-түз, же болбосо өкүлү аркылуу же тиешелүү орган аркылуу улуттук мыйзамдардын процессуалдык нормаларында каралган тартипте кайрылууга мүмкүнчүлүк берилет.

13-статья.

1. Бала өз пикирин эркин билдирүүгө укуктуу; анын бул укугуна ар кандай түрдөгү маалыматтарды жана идеяларды чек арага карабастан ооз эки, кат жүзүндө же басылган түрдө, искусство чыгармалары түрүндө же баланын тандап алышы боюнча башка каражаттардын жардамы менен эркин издеп табуу, алуу жана берүү кирет.

2. Бул укукту жүзөгө ашырууга айрым чектөөлөр коюлушу мүмкүн, бирок алар:

а) башка адамдардын укуктарын жана беделин урматтоо үчүн; же

b) мамлекеттин коопсуздугун же коомдук тартипти (ordre public), калктын ден соолугун же адеп-ахлактуулугун коргоо үчүн мыйзамда каралган жана зарыл чектөөлөр гана болушу мүмкүн.

14-статья.

1. Катышкан мамлекеттер баланын ой-пикиринин, ар-намысынын жана дининин эркин болуу укугун урматташат.

2. Катышкан мамлекеттер ата-энелердин жана тиешелүү учурларда мыйзамдуу көзөмөлчүлөрдүн баланын укуктарын жүзөгө ашырууда баланын өнүгүп жаткан жөндөмдүүлүктөрүнө ылайык ыкмалар менен жетекчилик кылууга болгон укуктарын жана милдеттерин урматташат.

3. Баланын дин тутуу жана динге ишенүү эркиндигине мыйзамдарда белгиленген жана мамлекеттик коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын адеп-ахлактуулугун жана ден соолугун коргоо же башка адамдардын негизги укуктарын жана эркиндиктерин коргоо үчүн зарыл болгон чектөөлөр гана колдонулушу мүмкүн.

15-статья.

1. Катышкан мамлекеттер баланын эркин ассоциалануугa жана жөнөкөй топторго эркин катышууга болгон укугун таанышат.

2. Бул укукту жүзөгө ашырууга карата мыйзамга ылайык жана демократиялык коомдо мамлекеттик коопсуздуктун же коомдук коопсуздуктун, коомдук тартиптин (ordre public), таламдары, калктын ден-соолугун же адеп-ахлактуулугун коргоо же башка адамдардын укуктарын, жана эркиндиктерин коргоо үчүн зарыл болгон чектөөлөрдөн башка эч кандай чектөөлөр колдонулушу мүмкүн эмес.

16-статья.

1. Бир да бала өзүнүн жеке турмушун, үй-бүлөлүк турмушун жүзөгө ашырууга, турак жайынын кол тийгистигине же кат-кабарлардын жашырындуулугуна болгон укугун зомбулук менен бузуунун же мыйзамсыз кийлигишүүнүн же анын ар-намысына жана беделине мыйзамсыз шек келтирүүнүн объектиси болушу мүмкүн эмес.

2. Бала мындай кийлигишүүдөн же шек келтирүүдөн мыйзам тарабынан корголууга укуктуу.

17-статья.

Катышкан мамлекеттер массалык маалымат каражаттарынын маанилүү ролун таанышат жана бала ар кандай улуттук же эл аралык булактардан, айрыкча баланын социалдык, руханий жана моралдык жыргалчылыгына, ошондой эле анын мүчө боюнун жана психикасынын мыкты өнүгүшүнө көмөк көрсөтүүгө багытталган маалыматтарды жана материалдарды алууга мүмкүнчүлүк алышын камсыз кылышат. Катышкан мамлекеттер бул максаттарда:

а) бала үчүн социалдык жана маданий жагынан пайдалуу болгон жана 29-статьянын мазмунуна туура келген маалыматтарды жана материалдарды жайылткан массалык маалымат каражаттарын колдошот;

b) ар кандай маданий, улуттук жана эл аралык булактардан мындай маалыматтарды жана материалдарды даярдоо, алмашуу жана жайылтуу жагындагы эл аралык кызматташтыкты колдошот;

c) улуттук азчылыктын кандайдыр-бир топторуна же жергиликтүү калкка таандык болгон баланын тилдик керектөөлөрүнө айрыкча көңүл бурган массалык маалымат каражаттарын колдошот;

d) 13 жана 18-статьялардын жоболорун эске алуу менен баланын жыргалчыгылыгына зыян келтирүүчү маалыматтар менен материалдардан баланы коргоонун тиешелүү принциптерин иштеп чыгууну колдошот.

18-статья.

1. Катышкан мамлекеттер баланын тарбияланышы жана өнүгүшү үчүн ата-эненин экөөнүн тең жалпы жана бирдей жоопкерчилигинин принцибин таанууну камсыз кылууга карата колдо болгон бардык күч-аракеттерди көрүшөт. Ата-энелер же тиешелүү учурларда мыйзамдуу көзөмөлчүлөр баланын тарбияланышы жана өнүгүшү үчүн негизги жоопкерчиликте болушат. Баланын жогорку таламдары алардын негизги камкордугунун предмети болуп эсептелет.

2. Ушул Конвенцияда баяндалган укуктарды гарантиялоо жана аларды жүзөгө ашырууга көмөк көрсөтүү максатында катышкан маллекеттер баланын ата-энесине жана мыйзамдуу көзөмөлчүлөрүнө алардын балдарды тарбиялоо боюнча өз милдеттерин аткарышы үчүн тиешелүү жардам көрсөтүшөт жана балдар мекемелеринин тармагын өнүктүрүүнү камсыз кылышат.

3. Катышкан мамлекеттер ата-энеси иштеген балдар алар үчүн арналган кызматтардан жана балдарды багуучу мекемелерден пайдаланууга укуктуу болушун камсыз кылуу үчүн бардык чараларды көрүшөт.

19-статья.

1. Катышкан мамлекеттер баланы тикелей же психологиялык зомбулуктун, мазактоонун же кыянат мамиле жасоонун же эзүүнүн бардык түрлөрүнөн, анын ичинде ата-энеси, мыйзамдуу көзөмөлчүлөрү же бала жөнүндө кам көрүүчү ар кандай башка адам тарабынан сексуалдык кыянаттык кылуудан сактоо максатында бардык зарыл болгон мыйзамдык, административдик, социалдык жана агартуу чараларын көрүшөт.

2. Зарыл учурларда, коргоонун мындай чараларына: балага жана ал тууралу кам көрүүчү адамдарга зарыл болгон колдоо көрсөтүү, ошондой эле балага катаал мамиле жасоонун жогоруда айтылган учурларын болтурбай коюу жана аныктоо, билдирүү, берүү жана кароо, иликтөө, дарылоо, ошондой эле зарыл учурда соттук жол-жобону козгоо жана андан кийинки чаралардын башка түрлөрүн жүзөгө ашыруу максатында социалдык программаларды иштеп чыгуу үчүн натыйжалуу жол-жоболор киргизилет.

20-статья.

1. Өзүнүн үй-бүлөсүндө убактылуу же такай болбогон бала же өзүнүн жогорку таламдарына ылайык мындай: үй-бүлөдө кала албаган бала мамлекет тарабынан өзгөчө коргоого жана жардам берүүгө укуктуу болот.

2. Катышкан мамлекеттер өздөрүнүн улуттук мыйзамдарына ылайык мындай баланы багуучуларды алмаштырууну камсыз кылат.

3. Үй-бүлөдөн мындай кетүүгө, атап айтканда тарбиялоого берүүгө ислам укугу боюнча "кафала", асырап алуу же зарыл учурда балдарды бага турган тиешелүү

мекемелерге жайгаштыруу киргизилиши мүмкүн. Баланы багуучуну алмаштыруунун варианттарын кароодо баланы тарбиялоону жолун жолдоп улантуунун зарылдыгы жана анын этностук келип чыгышы, диний жа маданий таандуулугу жана эне тили тиешелүү түрдө эске алынууга тийиш.

21-статья.

1. Асырап алуу системасынын болушун тааныган жана (же) уруксат берген катышкан мамлекеттер баланын жогорку таламдары биринчи кезекте эске алынышын камсыз кылышат жана алар:

а) колдонуудагы мыйзамга жана жол-жоболорго ылайык жана ишке тиешеси бар так маалыматтардын негизинде баланын ата-энесине, туугандарына жана мыйзамдуу көзөмөлчүлөрүнө карата статусун эске алуу менен асырап алууга жол берүүгө боло тургандыгын, эгерде ушундай талап кылынса, ишке тиешеси бар адамдар мүмкүн болуучу мындай зарыл консультациялардын негизинде асырап алууга өзүнүн ар тараптан ойлонулган макулдугун бергендигин аныктай турган компетенттүү бийликтер тарабынан гана баланы асырап алууга уруксат берилишин камсыз кылышат;

b) эгерде баланы аны тарбиялоону же асырап алууну камсыз кылууга мүмкүнчүлүгү бар үй-бүлөгө тарбиялоого берилиши же жайгаштырылышы мүмкүн болбосо жана бала туулган өлкөдө аны кандайдыр-бир ылайыктуу багууну камсыз кылуу мүмкүн болбосо, баланы башка өлкөдө асырап алууну аны багуунун альтернативалуу ыкмасы катары таанышат;

с) бала башка өлкөдө асыралган учурда, ал өлкөнүн ичинде асыралган балага карата колдонулуучу ошондой эле гарантиялар жана нормалар колдонулушун камсыз кылышат;

d) баланы башка өлкөдө асырап алуу учурунда баланы жайгаштыруу бул адамдарга байланыштуу өзүн актабаган финансылык пайдаларды алууга алып келбешин камсыз кылуу максатында бардык чараларды көрүшөт;

е) зарыл учурларда ушул статьянын максаттарына жетүү үчүн кош тараптуу жана көп тараптуу келишимдерди же макулдашууларды түзүү аркылуу көмөк көрсөтүшөт жана ушул негизде баланы башка өлкөдө жайгаштыруу компетенттүү бийликтер же органдар тарабынан жүзөгө ашырылышына аракеттенишет.

22-статья.

Катышкан мамлекеттер колдонуудагы эл аралык же ички укуктарга жана жол-жоболорго ылайык качкындын статусун алууну каалаган же качкын болуп эсептелген өзүнүн ата-энеси же башка ар кандай адамдын коштоосунда жүргөн, ошондой эле коштоосунда жүрбөгөн балага ушул Конвенцияда жана башка адам укуктары боюнча эл аралык документтерде же аталган мамлекеттер катышуучулары болуп эсептелген гуманитардык документтерде баяндалган колдонуудагы укуктарын

пайдалануунu тиешелүү түрдө коргоону жана гуманитардык жардам көрсөтүүнү камсыз кылуу үчүн зарыл чараларды көрүшөт.

2. Катышкан мамлекеттер бул максатта, Бириккен Улуттар Уюмунун жана башка компетенттүү өкмөттөр аралык уюмдардын же Бириккен Улуттар Уюму менен кызматташкан өкмөттүк эмес уюмдардын мындай баланы коргоо жана ага ата-энесин же башка үй-бүлө мүчөсүн издөө боюнча жардам көрсөтүү боюнча ар кандай күч-аракеттерин зарыл деп тапкан учурда, аларды өзүнүн үй-бүлөсүнө кошуу үчүн зарыл маалымат алууга көмөк көрсөтүшөт. Ата-энеси же үй-бүлөсүнүн башка мүчөлөрү табылган учурларда, мындай балага кандайдыр-бир себеп боюнча туруктуу же убактылуу өз үй-бүлөсүнөн ажыраган башка ар кандай бала сыяктуу эле ушул Конвенцияда каралгандай коргоо камсыз кылынат.

23-статья.

1. Катышкан мамлекеттер акыл-эси же мүчө боюу жагынан кемчилдиги бар бала анын кадыр-баркын камсыз кыла турган, анын өзүнө ишенимине көмөк көрсөтүп жана анын коомдун турмушуна активдүү катышуусун жеңилдете турган толук кандуу жана татыктуу турмуштун шарттарында жашоого тийиш экендигин таанышат.

2. Катышкан мамлекеттер кемчилдиги бар балага өзгөчө камкордук көрүүнү таанышат жана мындай укугу бар балага мындай ресурстар болгон жана ал жөнүндө кам көрүүгө жооптуу адам болгон шартта, ал жөнүндө өтүнүч берилгенде жана ал баланын абалына, бала жөнүндө кам көрүүгө жооптуу адам болгон шартта, ал жөнүндө өтүнүч берилгенде жана ал баланын абалына, бала жөнүндө камкордукту камсыз кылуучу анын ата-энесинин же башка адамдардын абалына ылайык келгенде буга мүмкүнчүлүк берүүнү колдошот жана камсыз кылышат.

3. Кемчилдиги бар баланын өзгөчө муктаждыгын таануу катарында ушул статьянын экинчи пунктуна ылайык жардам көрсөтүү мүмкүнчүлүгүнө жараша баланын ата-энесинин же бала жөнүндө камкордукту камсыз кылуучу башка адамдардын финансылык ресурстарын эске алуу менен акысыз берилет жана кемчилдиги бар баланын билим берүү, кесиптик даярдоо, медициналык тейлөө, ден соолугун калыбына келтирүү, эмгектенүүгө даярдоого жана эс алуу каражаттарына натыйжалуу мүмкүнчүлүк алышын камсыз кылууну максат кылып коет жана мунун өзү мүмкүнчүлүгүнө жараша баланы социалдык турмушка кыйла толук тартууга жана баланын инсанынын, анын ичинде маданий жана руханий өнүгүшүнө жетишүүнү камсыз кылууга алып келүүгө тийиш.

4. Катышкан мамлекеттер кемчилдиги бар балдарды профилактикалык саламаттык сактоо жана медициналык, психологиялык жана функционалдык дарылоо жагындагы тиешелүү маалыматтарды, анын ичинде реабилитациялоонун, жалпы билим берүүнүн жана кесиптик даярдоонун ыкмалары жөнүндө маалыматтарды алмашуу жагындагы эл аралык кызматташтыкка, ошондой эле мындай маалыматты алууга мүмкүнчүлүк түзүүгө, мунун өзү менен катышкан

мамлекеттердин бул жагындагы мүмкүнчүлүктөрүн жана билимдерин жакшыртууга жана тажрыйбасын кеңейтүүгө мүмкүнчүлүк берүүгө көмөк көрсөтүшөт. Ушуга байланыштуу өнүгүп жаткан өлкөлөрдүн керектөөлөрүнө өзгөчө көңүл бурулууга тийиш.

24-статья.

1. Катышкан мамлекеттер баланын саламаттыгын сактоонун ар тараптан өркүндөтүлгөн кызмат көрсөтүүлөрүнөн жана ооруларды дарылоонун жана ден соолугун калыбына келтирүүнүн каражаттарынан пайдаланууга болгон укугун таанышат. Катышкан мамлекеттер бир дагы бала саламаттык сактоо системасынын ушул сыяктуу кызмат көрсөтүүлөрүнө мүмкүнчүлүк алуу укугунан ажыратылбашын камсыз кылууга умтулушат.

2. Катышкан мамлекеттер аталган укуктун толук жүзөгө ашырылышына жетишишет жана атап айтканда, төмөндөгүлөр үчүн:

a) наристелердин жана балдардын өлүмүнүн деңгээлин төмөндөтүү;

b) баштапкы медициналык-санитардык жардам көрсөтүүнү өнүктүрүүгө биринчи кезекте көңүл буруу менен, бардык балдардын саламаттыгын сактоо жана медициналык зарыл жардам көрсөтүүнү камсыз кылуу;

c) балдардын ооруларына жана ач-жылаңач балдардын болушуна каршы, анын ичинде баштапкы медициналык-санитардык жардамдын чектеринде, аш болумдуу азык-түлүктөрдү жана ичүүчү сууну жетиштүү берүүнүн жеңил технологиясын колдонуу аркылуу, айлана-чөйрөнүн булганышынын коркунучтуулугун жана опурталдуулугун эске алуу менен күрөш жүргүзүү;

d) энелердин төрөткө чейинки жана төрөттөн кийинки мезгилдеги саламаттыгын сактоо боюнча тиешелүү кызмат көрсөтүүлөр;

e) коомдун бардык катмарынын, атап айтканда ата-энелердин жана балдардын ден соолугу жана тамактанышы, алардын эмчек эмишинин артыкчылыктары, бала жашаган жердеги гигиена, санитария жөнүндө билишин камсыз кылуу жана кырсыктардын алдын алуу, ошондой эле мындай билимдерди пайдаланууга жана аларды колдоого мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуу;

f) агартуу ишин жана алдын алуучу медициналык жардам жагындагы кызмат көрсөтүүлөрдү өнүктүрүү жана үй-бүлөнүн санын пландаштыруу үчүн зарыл чараларды көрөт.

3. Катышкан мамлекеттер балдардын ден соолугуна терс таасир тийгизген салт болуп калган практиканы жоюу максатында ар кандай натыйжалуу жана зарыл чараларды көрүшөт.

4. Катышкан мамлекеттер эл аралык кызматташтыкты колдоого жана ушул статьяда таанылган укуктарды толук жүзөгө ашырууга акырындык менен жетишүү максатында аны өнүктүрүүгө милдеттенишет. Ушуга байланыштуу өнүгүп жаткан өлкөлөрдүн керектөөлөрүнө өзгөчө көңүл бурулууга тийиш.

25-статья.

Катышкан мамлекеттер компетенттүү органдар тарабынан баланы багуу максатында, аны коргоо же дене түзүлүшүнүн же болбосо аны психикалык жактан дарылоо максатында камкордукка берилген баланын дарыланышына мезгил-мезгили менен баа берүүнү жана бала жөнүндө мындай камкордукка байланыштуу бардык башка шарттарды таанышат.

26-статья.

1. Катышкан мамлекеттер ар бир баланын социалдык жактан камсыз кылуунун жыргалчылыктарынан, анын ичинде социалдык камсыздандыруудан пайдаланууга болгон укугун таанышат жана бул укуктун алардын улуттук мыйзамдарына ылайык толук жүзөгө ашырылышына жетишүү үчүн зарыл чараларды көрүшөт.

2. Бул жыргалчылыктар зарылдыгына жараша баланын жана аны багууга жоопкерчиликтүү адамдардын колдо болгон ресурстарын жана мүмкүнчүлүктөрүн, ошондой эле баланын жыргалчылыгына жетишүү үчүн же анын атынан жасалган ар кандай ниеттерди эске алуу менен берилет.

27-статья.

1. Катышкан мамлекеттер ар бир баланын өзүнүн мүчө боюнун, акыл эсинин, руханий, адеп-ахлактык жана социалдык өнүгүшү үчүн зарыл болгон жашоо деңгээлине болгон укугун таанышат.

2. Ата-энеси (жана) же баланы тарбиялаган башка адамдар өздөрүнүн жөндөмдүүлүктөрүнүн жана жашоо шарттарынын финансылык мүмкүнчүлүктөрүнүн чектеринде баланы өнүктүрүү үчүн зарыл болгон шарттарды камсыз кылуу үчүн негизги жоопкерчиликте болушат.

3. Катышкан мамлекеттер улуттук шарттарга ылайык жана өз мүмкүнчүлүктөрүнүн чектеринде балдардын ата-энесине жана балдарды тарбиялап жаткан башка адамдарга жардам көрсөтүү боюнча зарыл чараларды көрүшөт, ушул укуктарды жүзөгө ашырууда жана зарыл болгондо материалдык жардам көрсөтүшөт жана балдарды тамак-аш, кийим-кече жана турак жай менен камсыз кылуу жагындагы программаларды айрыкча колдошот.

4. Катышкан мамлекеттер баланын ата-энеси же бала үчүн финансылык жоопкерчиликте болгон башка адамдардын катышкан мамлекеттин ичинде да, чет өлкөдө да баланы багышын калыбына келтирүү үчүн бардык зарыл чараларды көрүшөт. Атап айтканда, эгерде баланы багуу үчүн финансылык жоопкерчиликте болгон адам жана бала ар кандай мамлекеттерде жашаса, катышкан мамлекеттер эл аралык макулдашууларга кошулууга же мындай макулдашууларды түзүүгө, ошондой эле башка тиешелүү келишимдерге жетишүүгө көмөк көрсөтүшөт.

28-статья.

Катышкан мамлекеттер баланын билим алууга болгон укугун бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн негизинде жүзөгө ашырууга акырындык менен жетишүү максатында баланын билим алууга болгон укугун таанышат, атап айтканда:

а) акысыз же милдеттүү башталгыч билим берүүнү киргизишет;

b) жалпы да, кесиптик да билим берүү сыяктуу орто билим берүүнүн ар кандай түрлөрүн өнүктүрүүнү колдошот, анын бардык балдар үчүн мүмкүн болушун камсыз кылышат жана акысыз билим берүү жана зарыл учурда финансылык жардам көрсөтүү сыяктуу зарыл чараларды көрүшөт;

с) ар бир баланын жөндөмүнүн негизинде бардык балдар үчүн жогорку билимдин мүмкүнчүлүгүн зарыл болгон бардык каражаттардын жардамы менен камсыз кылышат;

d) бардык балдар үчүн билим берүү жана кесипти даярдоо жагындагы маалыматтарды жана материалдарды алууга мүмкүнчүлүктү камсыз кылышат;

е) мектептерге үзбөй барууга жана мектепти таштап кеткен окуучулардын санын төмөндөтүүгө көмөк көрсөтүү боюнча чараларды көрүшөт.

2. Катышкан мамлекеттер мектептеги тартип баланын адамдык кадыр-баркын урматтоону чагылдырган жана ушул Конвенцияга ылайык келген ыкмалардын жардамы менен ишке ашырылышын камсыз кылуу үчүн бардык зарыл чараларды көрүшөт.

3. Катышкан мамлекеттер билим берүүгө тиешеси бар, атап айтканда бүткүл дүйнө жүзүндө нааданчылыкты жана сабатсыздыкты жоюуга көмөк көрсөтүү жана илимий-техникалык билимдерге жана окутуунун азыркы кездеги ыкмаларына мүмкүнчүлүк алууну жеңилдетүү максатында эл аралык кызматташтыкты колдошот жана өнүктүрүшөт. Ушуга байланыштуу өнүгүп жаткан өлкөлөрдүн керектөөлөрүнө өзгөчө көңүл бурулууга тийиш.

29-статья.

1. Катышкан мамлекеттер балага билим берүү:

а) баланын инсанын, талантын жана акыл эси менен мүчө боюнун мүмкүнчүлүктөрүн эң толук көлөмдө түрүүгө;

b) Бириккен Улуттар Уюмунун Уставында жарыялаган адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин, ошондой эле принциптерин урматтоого тарбиялоого;

с) баланын ата-энесине, анын маданий өз алдынчалыгына, тилине жана дөөлөттөрүнө, бала жашаган өлкөнүн, ал төрөлгөн өлкөнүн улуттук дөөлөттөрүнө, анын өзүнүн өлкөсүнөн айырмаланган цивилизацияларды урматтоого тарбиялоого;

d) баланы эркин коомдо түшүнүү, ынтымак, сабырдуулук, эркектер менен аялдардын ортосундагы тең укуктуулуктун жана бүткүл элдердин, этностук, улуттук жана диний топтордун, ошондой эле жергиликтүү калктын ичиндеги адамдардын ортосундагы достуктун рухунда аң-сезимдүү жашоого тарбиялоого;

е) курчап турган табиятты урматтоого тарбиялоого багытталууга тийиш экендиги менен макул болушат.
2. Ушул статьянын же 28-статьянын эч бир бөлүгү айрым адамдардын жана оргaндардын окуу жайларын түзүү жана аларга ушул статьянын 1-пунктунда баяндалган припциптерди такай сактоонун жана мындай окуу жайларында берилүүчү билим мамлекетте белгилениши мүмкүн болгон минималдуу нормаларга ылайык келиши жөнүндө талаптарды аткарууну сактоонун шартында аларга жетекчилик кылуу эркиндигин чектөөчү нерселер катары түшүндүрүлбөйт.

30-статья.

Этностук, диний же тилдик азчылыктар болгон мамлекеттерде же жергиликтүү калктын ичинен ушундай адамдар болгондо, ушундай азчылыктарга жана жергиликтүү калкка таандык болгон балага өзүнүн тобунун башка мүчөлөрү менен биргелешип, өз маданиятын пайдалануу, өз динин тутуу жана анын каадаларын аткаруу, ошондой эле эне тилин пайдалануу укугунан баш тартылышы мүмкүн эмес.

31-статья.

1. Катышкан мамлекеттер баланын эс алууга жана көңүл ачууга, өзүнүн курагына ылайык келген оюндарга жана оюн-зоок иш-чараларына катышууга, маданий турмушка эркин катышууга жана искусствого катышууга болгон укугун таанышат.

2. Катышкан мамлекеттер баланын маданий жана чыгармачыл турмушка ар тараптан катышуу укугун урматташат жана колдошот, маданий жана чыгармачыл иши, убактысын өткөрүшү жана эс алышы үчүн тиешелүү жана бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн берилишине көмөк көрсөтүшөт.

32-статья.

1. Катышкан мамлекеттер баланын ден соолугуна коркунуч келтирген же анын билим алышына тоскоолду кылган, же болбосо анын саламаттыгына же мүчө боюунун, акыл эсинин, рухий, моралдык жана социалдык өнүгүшүнө зыян келтирүүчү экономикалык эзүүдөн жана ар кандай ишти аткаруудан коргоо укугун таанышат.

2. Катышкан мамлекеттер ушул статьяны жүзөгө ашырууну камсыз кылуу үчүн мыйзамдык, административдик жана социалдык чараларды, ошондой эле билим берүү жагындагы чараларды көрүшөт. Бул максаттарда башка эл аралык документтердин тиешелүү жоболор жетекчиликке алуу менен катышкан мамлекеттер, атап айтканда;

а) баланын эң төмөнкү курагын же аны жумушка кабыл алуу үчүн зарыл болгон эң төмөнкү куракты;

b) баланын жумуш күнүнүн узактыгы жана эмгек шарттары жөнүндө зарыл талаптарды аныкташат;

c) ушул статьяны натыйжалуу жүзөгө ашырууну камсыз кылуу үчүн жазанын тиешелүү түрлөрүн же башка санкцияларды карашат.

33-статья.

Катышкан мамлекеттер балдарды баңгилик каражатарды жана психотроптук заттарды колдонуудан тиешелүү эл аралык келишимдерде аныкталгандай коргоо жана мындай заттарды мыйзамга жат өндүрүштө жа адарды сатууда балдарды пайдаланууга жол бербөө үчүн бардык чараларды, анын ичинде мыйзамдык, административдик жана социалдык чараларды, ошондой эле билим берүү жагындагы чараларды көрүшөт.

34-статья.

Катышкан мамлекеттер баланы сексуалдык мажбурлоонун жана сексуалдык жагынан бузуунун бардык түрлөрүнөн сактоого милдеттенишет. Бул максаттарда катышкан мамлекеттер, атап айтканда улуттук, кош тараптуу жана көп тараптуу деңгээлдерде:

a) баланы ар кандай мыйзамсыз сексуалдык иш-аракетке тартууну же мажбурлоону;

b) балдарды сойкулук иштерге тартуу же башка сексуалдык практикада колдонуу максаттарында пайдаланууну;

c) балдарды порнографияда жана порнографиялык материалдарда колдонуу максаттарында пайдаланууну болтурбай коюу үчүн бардык чараларды көрүшөт.

35-статья.

Катышкан мамлекеттер улуттук, кош тараптуу жана көп тараптуу деңгээлдерде ар кандай максаттарда жана балдарды ар кандай түрдө уурдоону, балдар менен соода кылууну же алар менен контрабанда жүргүзүүнү болтурбай коюу үчүн зарыл болгон бардык чараларды көрүшөт.

36-статья.

Катышкан мамлекеттер баланын жыргалчылыгынын ар кандай аспектилерине зыян келтирүү менен ага зомбулук көрсөтүүнүн башка бардык түрлөрүнөн баланы коргошот.

37-статья.

Катышкан мамлекеттер:

а) бир дагы баланын кыйноолорго же башка катаалл, ырайымсыз же анын кадыр-баркын кемсинткен мамилеге же жазага тартылбашын камсыз кылышат. 18 жашка толо элек адамдар тарабынан кылмыштар үчүн аны жазадан бошотуунун мүмкүнчүлүгү каралбаган өлүм жазасы да, өмүр бою түрмөгө отургузуу да каралбайт;

b) бир дагы бала мыйзамсыз түрдө же зомбулук менен эркинен ажыратылбашын камсыз кылышат. Баланы камакка алуу, кармоо же түрмөгө отургузуу мыйзамга ылайык жүзөгө ашырылат жана өзгөчө чара катарында гана жана тиешелүү түрдө убакыттын мүмкүн болушунча кыска мөөнөтүнүн ичинде гана пайдаланылат;

с) эркинен ажыратылган ар бир бала өзүнүн курагына таандык болгон керектөөлөрүн эске алуу менен өзүнүн инсандыгынын ажырагыс кадыр-баркынын урматталышынан жана ага гумандуу мамиле жасалышынан пайдаланышын камсыз кылат. Атап айтканда, эркинен ажыратылган ар бир бала, эгерде баланын жогорку таламдарында мындай кылууга болбойт деп эсептелбесе, бала чоңдордон бөлөк кармалууга тийиш, өзгөчө жагдайлардан башка учурларда ал өзүнүн үй-бүлөсү менен кат жазышуу жана жолугушуу аркылуу байланышта болууга укуктуу болушу керек;

d) эркинен ажыратылган ар бир бала укуктук жана башка тиешелүү жардамга токтоосуз мүмкүнчүлүк алышын, ошондой эле өзүнүн эркинен ажыратылышынын мыйзамдуулугун сот алдында же башка компетенттүү, көз карандысыз жана келишпес органдын алдында талашуу укугун жана мына ушундай ар кандай процессуалдык аракетке карата алардын токтоосуз чечим кабыл алышын талап кылуу укугун камсыз кылышат.

38-статья.

1. Катышкан мамлекеттер куралдуу чыр-чатактардын учурунда балдарга карата колдонулуучу жана балдарга тиешеси бар эл аралык гуманитардык укуктун нормаларын урматтоого милдеттенишет жана алардын сакталышын камсыз кылышат.

2. Катышкан мамлекеттер 15 жаш куракка толо элек балдардын согуш аракеттерине тикелей катышпашын камсыз кылуу үчүн бардык мүмкүн болгон чараларды көрүшөт.

3. Катышкан мамлекеттер 15 жаш куракка толо элек ар кандай адамды өзүнүн куралдуу күчтөрүндө кызмат өтөөгө чакыруудан карманышат. 15 жаш куракка толгон адамдардын ичинен, 18 жашка али толо элек адамдарды аскерге алууда катышкан мамлекеттер жашы кыйла улуу адамдарды алууга аракет кылышат.

4. Катышкан мамлекеттер куралдуу чыр-чатактардын убагында граждандык калкты коргоого байланыштуу эл аралык гуманитардык укук боюнча өз милдеттерине ылайык куралдуу чыр чатактарга аралашкан балдарды коргоону жана аларды багууну камсыз кылуу максатында бардык чараларды көрүшөт.

39-статья.

Катышкан мамлекеттер этибарга албоонун, эзүүнүн же кыянаттык кылуунун, кыйноонун же ар кандай башка катаал, ырайымсыз же кадыр-баркты кемсинткен мамиленин, жазанын же куралдуу чыр-чатактардын түрлөрүнүн курмандыгы болгон баланын дене боюу жана психологиялык жагынан калыбына келишине жана социалдык реинтеграцияланышына көмөк көрсөтүү үчүн бардык зарыл болгон чараларды көрүшөт. Мындай калыбына келтирүү жана реинтеграциялоо баланын ден соолугун, анын өзүн жана кадыр-баркын сыйлоону камсыз кылган шарттарда жүзөгө ашырылууга тийиш.

40-статья.

1. Катышкан мамлекеттер жазык мыйзамдарын бузган катары эсептелген, аны бузгандыгы үчүн айыпталып же айыптуу деп таанылып жаткан ар бир баланын укугун таанышат, баланын кадыр-баркын жана маанилүүлүгүн өнүктүрүүгө көмөк көрсөткөн, адам укуктарына жана башкалардын негизги эркиндиктерине карата урматтоону бекемдеген кайрылууларды таанышат жана мында баланын курагы менен анын реинтеграцияланышына жана анын коомдо пайдалуу ролду аткарышына көмөк көрсөтүүнүн талапка ылайык келиши эске алынат.

2. Бул максаттарда эл аралык документтердин тиешелүү жоболорун эске алуу менен катышкан мамлекеттер, атап айтканда:

a) бир дагы бала аракет же аракетсиздикти жасап жаткан мезгилде улуттук же эл аралык укукта тыюу салынбаган аракетти же аракетсиздикти жасагандыгынын себеби боюнча жазык мыйзамдарын бузган деп эсептелбешин, айыпталбашын жана айыптуу деп таанылбашын;

b) жазык мыйзамдарын бузган деп эсептелген же аны бузгандыгы үчүн айыпталып жаткан ар бир баланын эң жок дегенде төмөндөгүдөй гарантияларын;

i) мыйзамга ылайык анын күнөөсү далилденгенге чейинки айыптуу эместигинин презумпциясын;

ii) ага каршы коюлган айыптоолор жөнүндө токтоосуз жана түздөн-түз маалымат берүүнү, зарыл болгондо анын ата-энеси же мыйзамдуу көзөмөлчүлөрү аркылуу өзүн коргоону жүзөгө ашыруу жана даярдоо учурунда укуктук жана башка зарыл жардам алууну;

iii) мыйзамга ылайык адвокаттын же башка тиешелүү адамдын катышуусу менен акыйкат угуунун жүрүшүндө, эгерде бул баланын жогорку таламдарына карама-каршы келбейт деп эсептелсе, атап айтканда анын курагын же анын ата-энесинин же мыйзамдуу көзөмөлчүлөрүнүн абалын, курагын же анын ата-энесинин же мыйзамдуу көзөмөлчүлөрүнүн абалын эске алуу менен каралып жаткан маселе боюнча компетенттүү, көз карандысыз жана келишпес орган тарабынан кечиктирилгис чечим кабыл алууну;

iv) күбө катары көрсөтмө берүүгө же күнөөсүн мойнуна алууга мажбурлоодон эркин болууну; айып коюучу күбөлөрдүн көрсөтмөлөрүн өз алдынча, же болбосо башка адамдардын жардамы менен иликтөөнү жана актоочу күбөлөрдүн бирдей катышуусун камсыз кылууну жана алардын көрсөтмөлөрүн иликтөөнү;

v) эгерде бала жазык мыйзамдарын бузду деп эсептелсе, ушуга байланыштуу кабыл алынган тиешелүү чечимди жана ар кандай чараны жогору турган компетенттүү, көз карандысыз жана келишпес орган же сот органы тарабынан мыйзамга ылайык кароону;

vi) эгерде бала колдонулган тилди түшүнбөсө же ошол тилде сүйлөбөсө тилмечтин акысыз жардамын;

vii) териштирүүнүн бардык стадияларында анын жеке турмушун толук урматтоону камсыз кылышат.

3. Катышкан мамлекеттер жазык мыйзамдарын бузган деп эсептелген, аны бузгандыгы үчүн айыпталган же айыптуу деп таанылган балдарга түздөн-түз тиешеси бар мыйзамдарды, жол-жоболорду, органдарды жана мекемелерди, атап айтканда;

a) балдардын жазык мыйзамдарын бузууга жөндөмсүз деп эсептелген эң төмөнкү курагын белгилөөнү;

b) зарыл жана керек болгондо мындай балдар менен адам укуктарын толук сактоо жана укуктук гарантияларды сактоо шартында соттук териштирүүнү пайдаланбастан мамиле жасоо боюнча чараларды көрүүнү белгилөөгө көмөк көрсөтүүгө аракеттенет.

4. Баланын жыргалчылыгына, ошондой эле анын абалына жана кылмышынын мүнөзүнө ылайык келген мамилени камсыз кылуу максатында аны мекемелерде багууну алмаштырган багуу, камкордук кылуу жана көзөмөлдүк кылуу жөнүндө жобо, консультативдик кызмат көрсөтүүлөр, сыноо мөөнөтүн белгилөө, тарбиялоо, окутуунун жана кесиптик даярдоонун программасы жана багуунун башка түрлөрү сыяктуу ар кандай иш-чаралардын болушу зарыл.

41-статья.

Көпчүлүк даражада баланын укуктарын жүзөгө ашырууга көмөк көрсөткөн жана төмөндөгүлөрдө камтылган:

a) катышкан мамлекеттин мыйзамында; же

b) аталган мамлекетке карата колдонулуучу эл аралык укуктун нормаларында камтылышы мүмкүн болгон ар кандай жоболорго ушул Конвенциянын эч тиешеси болбойт.

## II Бөлүк

42-статья.

Катышкан мамлекеттер тиешелүү жана таасирдүү каражаттарды пайдалануу менен чоңдорго да, балдарга да Конвенциянын принциптери жана жоболору жөнүндө кеңири маалымдоого милдеттенишет.

43-статья.

1. Ушул Конвенцияга ылайык кабыл алынган милдеттенмелердин катышкан мамлекеттер тарабынан аткарылышына жетишүүнүн прогрессин камсыз кылуу максатында Баланын укуктары боюнча комитет түзүлүп, ал төмөндө каралган милдеттерди аткарат.

2. Комитет жогорку адеп-ахлактык сапаттарга ээ болгон жана ушул Конвенцияда камтылган жактарда компетенттүү деп таанылган он эксперттен турат. Комитеттин мүчөлөрү катышкан мамлекеттер тарабынан алардын граждандарынын ичинен шайланат жана жеке сапаттары менен айырмаланышат, анын үстүнө географиялык жактан акыйкат бөлүштүрүүгө, ошондой эле башкы укуктук системаларга көңүл бурулат.

3. Комитеттин мүчөлөрү катышкан мамлекеттер көрсөткөн адамдардын тизмесине киргизилгендердин ичинен жашыруун добуш берүү аркылуу шайланат. Катышкан ар бир мамлекет өз граждандарынын ичинен бир адамды көрсөтө алат.

4. Комитетке алгачкы шайлоолор ушул Конвенция күчүнө кирген күндөн тартып алты айдан кечиктирилбестен, ал эми кийин эки жылда бир жолу өткөрүлөт. Ар бир шайлоого эң жок дегенде төрт ай калганда Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысы катышкан мамлекеттерге өз кандидатураларын эки айдын ичинде көрсөтүүнү сунуш кылган кат менен кайрылат. Андан кийин Башкы катчы мына ушундай жол менен көрсөтүлгөн бардык адамдардын тизмесин бул адамдарды көрсөткөн катышкан мамлекеттерди көрсөтүү менен алфавиттик тартипте тизме түзөт жана бул тизмени ушул Конвенциянын катышуучуларына берет.

5. Шайлоо Башкы катчы тарабынан чакырылган катышкан мамлекеттердин кеңешмелеринде Бириккен Улуттар Уюмунун Борбордук мекемелеринде өткөрүлөт. Катышкан мамлекеттердин үчтөн экиси кворум түзгөн мындай кеңешмелерде Комитеттин курамына добуштардын көпчүлүгүн жана катышкан мамлекеттердии өкүлдөрүнүн добуш берүүгө катышкандарынын көпчүлүк добушун алган кандидаттар шайланды деп эсептелет.

6. Комитеттин мүчөлөрү төрт жылдык мөөнөткө шайланат. Алар өз кандидатуралары кайталап көрсөтүлгөндө кайра шайланууга укуктуу болушат. Алгачкы шайлоолордо шайлануучу беш мүчөнүн ыйгарым укуктарынын мөөнөтү эки жылдык мезгилдин акырында аяктайт; алгачкы шайлоодон кийин токтоосуз

түрдө бул беш мүчөнүн ысымдары кеңешменин председатели тарабынан жребий боюнча аныкталат.

7. Комитеттин кандайдыр бир мүчөсү өлгөндө же отставкага кеткенде же ал кандайдыр бир себеп боюнча Комитеттин мүчөсүнүн милдетин андан ары аткара албаганда, Комитеттин ошол мүчөсүн көрсөткөн катышкан мамлекет Комитет жактырган шартта калган мөөнөткө өз граждандарынын ичинен башка экспертти дайындайт.

8. Комитет өзүнүн жол-жоболорунун жекече эрежелерин белгилейт.

9. Комитет өзүнүн кызмат адамдарын эки жылдык мөөнөткө шайлайт.

10. Комитеттин сессиялары, эреже катары, Бириккен Улуттар Уюмунун Борбордук мекемелеринде же Комитет тарабынан аныкталган башка ар кандай ылайыктуу жерде өткөрүлөт. Комитет, эреже катары, өз сессияларын жыл сайын өткөрөт. Комитеттин сессияларынын узактыгы Башкы Ассамблея жактырган шартта ушул Конвенцияга катышкан мамлекеттердин кеңешмесинде аныкталат жана зарыл учурда кайра каралат.

11. Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысы Комитет өзүнүн функцияларын ушул Конвенцияга ылайык натыйжалуу жүзөгө ашырсын үчүн зарыл болгон кызматкерлерди жана материалдык каражаттарды берет.

12. Ушул Конвенцияга ылайык түзүлгөн Комитеттин мүчөлөрү Бириккен Улуттар Уюмунун каражаттарынан Башкы Ассамблея тарабынан бекитилген акчалай каражатты Башкы Ассамблея тарабынан белгиленүүчү тартипте жана шарттарда алышат.

44-статья.

1. Катышкан мамлекеттер Комитетке Бириккен Улуттар уюмунун Башкы катчысы аркылуу Конвенцияда таанылган укуктарды бекемдөө жана бул укуктарды жүзөгө ашырууда жетишилген прогресс жөнүндө докладдарды:

a) тиешелүү катышкан мамлекет үчүн конвенция күчүнө киргенден кийин эки жылдын ичинде;

b) кийин ар бир беш жылдан кийин берип турууга милдеттенет.

2. Ушул статьяга ылайык берилүүчү докладдарда ушул Конвенция боюнча милдеттенмелерди аткаруунун даражасына таасир тийгизген, келип чыккан факторлор жана кыйынчылыктар көрсөтүлөт. Докладда ошондой эле Конвенциянын аталган өлкөдө колдонулушун Комитеттин толук түшүнүшүн камсыз кылуу үчүн жетиштүү маалымат да камтылат.

3. Комитетке ар тараптуу алгачкы доклад берген катышкан мамлекетке ушул статьянын 1Ь пунктуна ылайык берилүүчү кийинки докладдарында кайталап берүүнүн зарылдыгы болбойт.

4. Комитет ушул Конвенцияны жүзөгө ашырууга байланыштуу кошумча маалыматты катышкан мамлекеттен сурап алышы мүмкүн.

## III Бөлүк

46-статья.

Ушул Конвенцияга бардык мамлекеттер кол коеё алат.

47-статья.

Ушул Конвенция ратификацияланууга тийиш. Ратификациялык грамоталар Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысына сактоого берилет.

48-статья.

Ушул Конвенцияга ар кандай мамлекет кошула алат. Кошулуу жөнүндө документтер Бириккен Улуттар. Уюмунун Башкы катчысына сактоого берилет.

49-статья.

1. Ушул Конвенция жыйырманчы ратификациялык грамота же кошулуу жөнүндө документ Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысына сактоого берилгенден отуз күндөн кийин күчүнө кирет.

2. Ушул Конвенцияны ратификациялаган же ага жыйырманчы ратификациялык грамотаны же кошулуу жөнүндө документти сактоого бергенден кийин кошулган ар бир мамлекет үчүн ушул Конвенция мындай мамлекет тарабынан анын ратификациялык грамотасы же кошулуу жөнүндө документ сактоого берилгенден отуз күндөн кийин күчүнө кирет.

50-статья.

1. Ар кандай катышкан мамлекет түзөтүү сунуш кылышы жана аны Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысына бириши мүмкүн. Башкы катчы берилген түзөтүүнү алар ушул сунуштарды кароо жана алар боюнча добуш берүү өткөрүү максатында катышкан, мамлекеттердин конференциясын чакырууга макул же макул эместигин көрсөтүшүн өтүнүү менен катышкан мамлекеттерге сунуш кылынган түзөтүүнү жиберет. Эгерде мындай билдирүү берилген күндөн тартып төрт айдын ичинде эң жок дегенде катышкан мамлекеттердин үчтөн бири макул болсо, Башкы катчы мындай конференцияны Бириккен Улуттар Уюмунун атынан чакырат. Катышкан мамлекеттердин конференцияга катышкан жана добуш берүүгө катышкан көпчүлүгү тарабынан кабыл алынган түзөтүү Башкы Ассамблеяга бекитүүгө берилет.

2. Ушул статьянын 1-пунктуна ылайык кабыл алынган түзөтүү Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы Ассамблеясы тарабынан бекитилгенден кийин жана ал

5. Комитеттин иши жөнүндө докладдар эки жылда бир жолу Башкы Ассамблеяга Экономикалык жана Социалдык Кеңештин көмөкчүлүгү астында берилип турат.

6. Катышкан мамлекеттер өз докладдарынын өздөрүнүн өлкөлөрүндө кеңири маалымдуулукка ээ болушун камсыз кылышат.

45-статья.

Конвенцияны натыйжалуу жүзөгө ашырууга көмөк көрсөтүү жана ушул Конвенцияда камтылган эл аралык кызматташтыкты кубаттоо максатында:

a) Бириккен Улуттар Уюмунун адистештирилгеп мекемелери, Балдар фондусу жана Бириккен Улуттар Уюмунун башка органдары алардын ыйгарым укуктарынын чөйрөсүнө кирген маселерди кароодо ушул Конвенциянын ушундай жоболорун жүзөгө ашыруу жөнүндө маселелерди кароодо өкүл болууга укуктуу. Комитет Бириккен Улуттар Уюмунун адистештирилген мекемелерине, Балдар фондусуна жана башка компетенттүү органдарга өзү максатка ылайыктуу деп эсептеген кезде алардын тиешелүү ыйгарым укуктарынын чөйрөсүнө кирген жактарында Конвенцияны жүзөгө ашыруу боюнча эксперттердин корутундусун бериши мүмкүн. Комитет Бириккен Улуттар Уюмунун адистештирилген мекемелерине, Балдар фондусуна жана Бириккен Улуттар Уюмунун башка органдарына алардын иш чөйрөсүнө кирген жактарда Конвенциянын жүзөгө ашырылышы жөнүндө докладдарды берүүнү сунуш кылышы мүмкүн;

b) Комитет өзү максатка ылайыктуу деп тапкан кезде Бириккен Улуттар Уюмунун адистештирилген мекемелерине, Балдар фондусуна жана башка компетенттүү органдарга катышкан мамлекеттердин техникалык консультация же жардам көрсөтүү жөнүндө өтүнүчү камтылган же ушуга муктаж экендиги көрсөтүлгөн ар кандай докладдарды, ошондой эле ушундай өтүнүчтөр же көрсөтмөлөр жагындагы Комитеттин болгон пикирлерин жана сунуштарын жөнөтөт;

c) Комитет өзүнүн атынан баланын укуктарына тиешелүү айрым маселелер боюнча иликтөө жүргүзүүнү Башкы катчыга сунуш киргизүүнү Башкы Ассамблеяга сунуш кылышы мүмкүн;

d) Комитет ушул Конвенциянын 44 жана 45-статьяларына ылайык алынган маалыматка негизделген жалпы мүнөздөгү сунуштарды жана сунуштоолорду киргизиши мүмкүн. Мындай жалпы мүнөздөгү сунуштар жана сунуштамалар ишке тиешеси бар ар кандай катышкан мамлекетке жөнөтүлөт жана катышкан мамлекеттердин пикирлери болсо, алар менен кошо Башкы Ассамблеяга билдирет.

катышкан мамлекеттердин үчтөн экисинин көпчүлүк добушу менен кабыл алынгандан кийин күчүнө кирет.

3. Түзөтүү күчүнө киргенден кийин ал аны кабыл алган катышкан мамлекеттер үчүн милдеттүү болуп калат, ал эми башка катышкан мамлекеттер үчүн ушул Конвенциянын жоболору жана алар тарабынан кабыл алынган мурдагы ар кандай түзөтүүлөр милдеттүү бойдон калат.

51-статья.

1. Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысы мамлекеттер тарабынан ратификациялоо же кошулуу учурунда жасалган сунуштардын текстин алат жана бардык мамлекеттерге жиберет.

2. Ушул Конвенциянын максаттарына жана милдеттерине ылайык келбеген сунуштарга жол берилбейт.

3. Сунуштар Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысына жиберилген тиешелүү билдирүү аркылуу ар кандай мезгилде алынып салынышы мүмкүн, ал бул тууралу бардык мамлекеттерге андан кийин билдирет. Мындай билдирүү Башкы катчы аны алган күндөн тартып күчүнө кирет.

52-статья.

Ар бир катышкан мамлекет ушул Конвенцияны Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысына кат жүзүндө билдирүү жасоо аркылуу денонсациялай алат. Денонсация Башкы катчы билдирүүнү алгандан бир жыл өткөндөн кийин күчүнө кирет.

53-статья.

Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысы ушул Конвенциянын депозитарийи болуп дайындалат.

54-статья.

Ушул Конвенциянын англис, араб, испан, кытай, орус жана француз тилиндеги бирдей күчкө ээ болгон түп нускалары Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысына сактоого берилет.

Ушуларды күбөлөндүрүп, өздөрүнүн тиешелүү өкмөттөрү тарабынан белгилүү даражада ыйгарым укук берилген төмөндө кол койгон ыйгарым укуктуу өкүлдөр ушул Конвенцияга кол коюшту.

Жер участогун мөөнөтсүз
(мөөнөтү көрсөтүлбөгөн)
пайдалануу укугу жөнүндө

# МАМЛЕКЕТТИК АКТ
# ГОСУДАРСТВЕННЫЙ АКТ

о праве бессрочного (без указания срока)
пользования земельным участком

Сериясы
Серия Б № 020200

Ушул акт планда көрсөтүлгөн аянты 13700,0 кв.м

жер участогу(на) Акман айыл өкмөтүнүн 21.04.2014-жыл № 03 токтомунун
(укук берүүчү документтин аталышы, номери, күнү)

негизинде ушул жерди мөөнөтсүз (мөөнөтү көрсөтүлбөгөн) пайдалануу укугу Базар-Коргон районduk (шаардык) жергиликтүү каттоо органында, Кыймылсыз мүлккө болгон укуктардын бирдиктүү мамлекеттик реестринде 2014- жылдын "03" Июнь № 5472 менен катталган жана, №35 Т. Исак уулу
(жер пайдалануучунун аталышы)
атындагы орто мектеби

(пайдалануу багыты)

мөөнөтсүз (мөөнөтү көрсөтүлбөгөн) пайдаланууга берилгендигин аныктайт.

Настоящим актом подтверждается, что земельный(е) участок(и), указанный(е) в плане, площадью 13700,0 м², из них

на основании Постановление №-03 Акманской
(наименование, номер и дата правоустанавливающего документа)
сельской управы от 21.04.2014 года

зарегистрированного "03" Июня 2014 года за № 5472 в Едином государственном реестре прав на недвижимое имущество в местном регистрационном органе

района (города) предоставлены Средняя школа №35 Т. Исак уулу
(наименование землепользователя)

в бессрочном (без указания срока) пользование, для (под)
соц. объект
(целевое назначение)

| Участоктордун пландагы номери<br>Номера участков в плане | Идентификациялык номери<br>Идентификационный номер | Жайгашкан жери (дареги)<br>Место расположения (адрес) |
|---|---|---|
| 1 | 3-02-01-1004-0180 | Акман а.о. |
| | | Колот айылы |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |

**Чектештердин баяндамасы:**
**Описание смежеств:**


А дан Б го чейин жол
Б дан В га чейин Б.Самединовтун участогу
В дан Г га чейин мечет
Г дан Д га чейин мечет
Д дан Е га чейин участок
Е ден А га чейин А.Жусуповтун участогу

Жергиликтүү каттоо органдын аткаруучусу
Исполнитель местного регистрационного органа [подпись] Н Молдоташов
(аты - жөнү, колу) (Ф.И.О., подпись)

Сериясы
Серия Б № 020200

## Жер участогунун
## ПЛАНЫ


## ПЛАН
## земельного участка




Масштабы
Масштаб 1: 1000

**Жер участогун байлаштыруу**
**Привязка земельного участка**

**(кырдаалдык планы) (ситуационный план)**




Жергиликтүү каттоо
органдын аткаруучусу
Исполнитель местного
регистрационного органа ______ Н. Молдоташов
(аты - жөнү, колу) (Ф.И.О., подпись)

Участоктун идентификациялык номери
Идентификационный номер участка
3-02-01-1004-0180

## Жер участкасына менчик укугун чектөө
## Ограничение права собственности на земельный участок

| № <br> № | Чектөөнүн түрү <br> Вид ограничения | Чектөөгө документ <br> Документ на ограничение | Чектөө укугунун катталган күнү <br> Дата регистрации ограничения права | Каттоочунун аты - жөнү, колу <br> Ф.И.О. и подпись регистратора | Чектөө токтотулгандыгы жөнүндөгү документ <br> Документ о прекращении ограничения | Чектөө токтотулган күнү <br> Дата прекращения ограничения | Каттоочунун аты - жөнү жана колу <br> Ф.И.О. и подпись регистратора |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |

Бул мамлекеттик акт эки нускада түзүлдү: анын биринчи нускасы жер участогунун пайдалануучусунда, экинчи нускасы Базар-Коргон

районддук (шаардык) жергиликтүү каттоо органында сакталат.

Настоящий государственный акт составлен в двух экземплярах: первый экземпляр находится у собственника земельного участка, второй - хранится в местном регистрационном органе Базар-Коргонского

района (города)

**Жергиликтүү каттоо органдын жетекчиси**

**Руководитель местного регистрационного органа** Э. Тарыхчиев

(аты - жөнү, колу) (Ф.И.О., подпись)

Берилген күнү
Дата выдачи "05" Июня 2014-жыл
года

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
ТЕШЕБАЙ ИСАК УУЛУ АТЫНДАГЫ
№35 ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ
МЕКТЕБИ МЕКЕМЕСИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
УЧРЕЖДЕНИЕ ОБЩЕОБРАЗОВАТЕЛЬНАЯ
СРЕДНЯЯ ШКОЛА №35 ИМЕНИ
ТЕШЕБАЯ ИСАК УУЛУ

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

«30» 08 2022-ж № 34 Колот айылы

**Мектептин ички тартибин бекитүү жөнүндө**

2022-2023-окуу жылында мектеп окуучуларынын ар кандай коопсуздугун сактоо максатында мугалимдер тарабынан аткарылуучу иш-аракеттерди жөнгө салуу үчүн **буйрук кылам:**

1. Мугалимдерден,тейлөө кызматкерлеринен I, II сменага нөөмөткө туруу боюнча график бекитилсин.

2. Нөөмөткө турган мугалим мектепке 15 минута эрте келүүсү,баары жокко көз салуусун (класстардын тазалыгы,ирeттүлүгү,инвентарлардын бүтүндүгү) I сменадан II сменага өткөрүп берүүсүн,II сменадагы мугалимдер окуучуларды үйлөрүнө таратып,тейлөө кызматкерлерине тапшырып кетүүсүн эскертемин.

3. Танапис учурунда окуучулардын тартибине нөөмөтчү мугалимдер жооп беришээри эскертилсин.

4. Нөөмөткө турууну мугалимдерге милдеттери эскертилип,кол коюу менен ишке киришсин. (график тиркелсин)

5. Күнүмдүк кыймыл кагаз жүзүндө (окуучулардын катышуу дептери, мугалимдин эмгек тартиби ж.б.) жазылуусун көзөмөлдөө КТИУ Кыргызбаевага жана о.б.б. Тажибаевага милдеттендирилсин.

6. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө жагы КТИУ Кыргызбаевага жүктөлсүн.

**Директор:** **Т.Рахманова**

# МЕКТЕПТИН ИЧКИ ТАРТИП ЭРЕЖЕЛЕРИ

## Жалпы жоболор

1. Уюмдагы ички эмгек тартиби иш берүүчү уюмдун кызматкерлеринин өкүлчүлүктүктүү органы менен макулдашылгандан кийин бекитилген ички эмгек тартибинин эрежелери менен аныкталат.

Уюмдун ички эмгек тартибинин эрежелери - кызматкерлерди жумушка кабыл алуунун жана жумуштан бошотуунун, эмгек келишиминин тараптарынын негизги укуктарын, милдеттерин жана жоопкерчиликтерин, уюмдун иштөө режимин, эс алуу убактысын, кызматкерлерге карата колдонулуучу сыйлоо жана жазалоо чараларын жана уюмда эмгек мамилелерин жөнгө салуунун башка маселелерин ушул Кодекске жана башка мыйзамдарга ылайык жөнгө салуучу уюмдун ченемдик локалдуу актысы.

Кызматкерлердин айрым категориялары үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен тартип жөнүндө уставдар жана жоболор колдонулат.

## 2. Эмгек келишиминин түшүнүгү

Эмгек келишими - кызматкер менен иш берүүчүнүн ортосундагы макулдашуу, ал боюнча иш берүүчү шартталган эмгектик иш-милдеттер боюнча кызматкерге иш берүүгө, ушул Кодексте, эмгектик укук ченемдерин камтыган мыйзамдарда, башка ченемдик укуктук актыларда, жамааттык келишимдерде, макулдашууларда, локалдуу ченемдик актыларда каралган эмгек шарттарын камсыз кылууга жана кызматкерге эмгек акыны өз учурунда жана толук өлчөмүндө төлөөнү камсыз кылууга ал эми кызматкер белгилүү бир кесип (адистик) квалификация же ички эмгек тартибине баш ийген кызмат боюнча жумушту жеке аткарууга милдеттенет.

## 3. Эмгек келишиминин мазмуну

Эмгек келишиминин мазмуну ушул Кодексте каралган талаптарды сактоо менен тараптардын макулдашуусу аркылуу аныкталат.

Эмгек келишими милдеттүү түрдө төмөнкүдөй маалыматтарды камтууга тийиш:

1) эмгек келишимин түзүү датасы жана орду;

2) тараптардын реквизиттери:

- иш берүүчүнүн-юридикалык жактын толук аталышы, анын жайгашкан орду, уюмдаштыруу документтерин мамлекеттик каттоонун номери жана датасы;
- иш берүүчүнүн (анын өкүлүнүн) фамилиясы, аты-жөнү, атасынын аты (эгерде ким экендигин ырастоочу документинде көрсөтүлсө) жана иштеген кызматы, ал эми иш берүүчү жеке жак болсо, анын туруктуу жашаган жеринин дареги, аталышы, номери, ким экендигин ырастоочу документти берген датасы;
- кызматкердин фамилиясы, аты-жөнү (эгерде ким экендигин ырастоочу документинде көрсөтүлсө), социалдык коргоо күбөлүгүнүн идентификациялык номери;

3) иш аткарыла турган жумуш орду;

4) уюмдун штаттык ырааттамасына же айкын эмгектик иш-милдеттерге ылайык квалификациясын көрсөтүү менен кызматынын, адистигинин, кесибинин аталышы;

5) иштин башталыш датасы;

6) эмгек келишиминин колдонулуш мөөнөтү;

7) иш режими;

8) кызматкердин жана иш берүүчүнүн укуктары жана милдеттери;

9) эмгек акы төлөө шарттары (анын ичинде тарифтик ставканын же кызматкердин кызматтык айлык акысынын өлчөмү, кошумча төлөөлөр, үстөктөр жана сыйлык

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ**
**Мугалимдин статусу жөнүндө**

(Кыргыз Республикасынын

2005-жылдын 18-июлундагы N 105, 2005-жылдын 30-июлундагы N 117,

2006-жылдын 28-декабрындагы N 210, 2009-жылдын 25-июнундагы N 189,

2010-жылдын 26-мартындагы N 56, 2011-жылдын 8-августундагы N 150

Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

I Глава. Жалпы жоболор

II Глава. Мугалимдин укуктары

III Глава. Мугалимдин милдеттери жана жоопкерчилиги

IV Глава.

Ушул Мыйзам мамлекеттик саясаттын принциптерин аныктайт, мугалимдин иши менен байла Мугалимди даярдоо, кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу

V Глава. Корутунду жоболор

нышкан укуктук, социалдык-экономикалык мамилелерди жөнгө салат жана жалпы орто, мектепке чейинки жана мектептен тышкаркы билим берүү мекемелеринин мугалимдеринин укуктук абалын сапаттык жактан жакшыртууну камсыз кылуучу шарттарды түзүп берүүгө, аларды социалдык жактан коргоо кепилдиктерин ишке ашырууга багытталган.

**I Глава**
**Жалпы жоболор**

1-статья. Мугалимдин статусунун мазмуну

Мугалим — зарыл кесиптик билимге жана тиешелүү квалификацияга ээ, жалпы орто мектепке чейинки жана мектептен тышкаркы билим берүү мекемелеринде иштеп жаткан, окутуу, илимий, усулдук, тарбиялык, уюштуруучулук жана жетекчилик иштерди аткаруучу киши.

Педагогдук иштин шарттары жана мүнөзү мугалимдин статусунун мазмунун аныктайт, ал мугалимдин укуктарын, милдеттерин жана жоопкерчилигин, ошондой эле аларды ишке ашыруунун кепилдиктерин камтыйт.

Мугалим Кыргыз Республикасынын Конституциясында белгиленген бардык укуктардан жана эркиндиктерден пайдаланат.

(Кыргыз Республикасынын 2005-жылдын 18-июлундагы N 105 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

2-статья. Мугалимдик статуска ээ болгондор

Кыргыз Республикасынын жана башка ар кандай өлкөнүн зарыл болгон педагогикалык билимге жана тиешелүү квалификацияга ээ болгон, ар түрдүү типтеги жана менчиктин түрүндөгү, окутуу, илимий, усулдук, тарбиялык, уюштуруучулук жана жетекчилик иштерди аткаруучу жалпы орто, мектепке чейинки жана мектептен тышкаркы билим берүү мекемелеринде иштеген жарандары мугалимдик статуска ээ.

Педагогикалык билими жана квалификациясы жокторго квалификацияны жогорулатуучу тийиштүү кайра даярдыктан жана аттестациядан өткөндөн кийин мектептердин, мектепке чейинки жана мектептен тышкары билим берүү мекемелеринин педагогикалык кеңешинин чечими боюнча педагогдук иш жүргүзүү укугу берилет.

Квалификациясынын жетишсиздигине жана окуу-тарбия ишинин принциптерине сыйбаган адепсиз аракеттерине байланыштуу мугалимди статусунан ажыратуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт.

(Кыргыз Республикасынын 2005-жылдын 18-июлундагы N 105 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

3-статья. Мугалимдин статусу жөнүндө мыйзамдар

Кыргыз Республикасынын мугалимдин статусу жөнүндө мыйзамдары Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамынын жоболоруна негизделет жана ушул Мыйзамдан жана мугалимдин укуктарын, милдеттерин жана жоопкерчилигин аныктаган Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларынан турат.

4-статья. Мугалимдин педагогдук ишинин принциптери

Мугалимдин ишинин негизги принциптери:

— окуучуну окутууга, тарбиялоого, өнүктүрүүгө жекече багытталган мамиле;

— окуучунун укуктарын жана эркиндиктерин, улуттук-маданий каада-салттарга урмат көрсөтүүнү камсыз кылган окутуунун жана тарбиялоонун гумандуулук мүнөзү;

— жалпы адамзатка таандык моралдык принциптерди жана адеп-ахлактык дөөлөттөрү жактоо;

— окуучуларга алардын жынысы, этникалык теги, тили, тек жайы, диний ынанымы боюнча түздөн-түз же жекече же коомдук мүнөздөгү кандайдыр бир башка шарттар жана жагдайлар боюнча түздөн-түз тымызын жана (же) кыйыр басмырлоого, укуктарын чектөөгө жана артыкчылык берүүгө жол бербөө;

— окуучуларды мекенди сүйүү, жогорку жарандуулук, эл достугунун духунда тарбиялоо;

— билим берүүнүн жолун жолдоочулугу;

— педагогикалык иштин уюштуруу усулдардын жана формаларын эркин тандап алуу;

— окутуу жана тарбия берүү принциптеринин биримдиги;

— илимдин, техниканын жана маданияттын эң соңку жетишкендиктеринин негизинде өз билимин өркүндөтүү;

— окуучулар жана алардын үй-бүлөлөрү менен тыгыз байланыш;

— балдар жана жаштар бирикмелери, эмгек жамааттары, ошондой эле иши Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган бул ишке таламдаш мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдар менен кызматташтык болуп саналат.

(Кыргыз Республикасынын 2005-жылдын 30-июлундагы N 117 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

## II Глава
## Мугалимдин укуктары

5-статья. Мугалимдин кесиптик ишиндеги укуктары

Мыйзамда аныкталган зарыл билими жана тийиштүү педагогикалык квалификациясы бар адамдар улутуна, жынысына, тилине, социалдык тегине жана туткан динине карабастан, педагогикалык иш жүргүзүүгө укуктуу.

Мугалим:

— мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык келген жана билим берүүнү мамлекеттик башкаруунун борбордук органы бекиткен окуу программаларын, окутуу формаларын жана усулдарын, окуу китептерин жана окуу куралдарын эркин тандап алууга;

— жаңы автордук программаларды, окуу китептерин жана окуу куралдарын иштеп чыгууга катышууга;

— новатордук усулдарды жана ыкмаларды түзүүгө жана пайдаланууга, илимий-педагогикалык эксперимент жүргүзүүгө, алдыңкы педагогикалык тажрыйбаны ишке ашырууга;

— педагогикалык иште новатордук усулдарды жана ыкмаларды түзгөндүгү жана жайылткандыгы үчүн сыйланууга;

— Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жекече педагогдук иш жүргүзүүгө;

— категорияны жогорулатуу максатында мөөнөтүнөн мурда аттестацияланууга;

— белгиленген тартипте беш жылда бир жолудан кем эмес квалификациясын жогорулатып турууга;

— жашы жетпегендердин укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоого укуктуу.

Мугалим Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинде жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген ченемдерге ылайык өз ишин башка иш менен айкалыштырып иштөө укугунан пайдалана алат.

Мугалим мектепти башкарууга катышууга укуктуу.

Мугалимдин кызмат абалынын туруктуулугу ал мектепте билим берүү тутумун уюштуруу толук же жарым-жартылай өзгөртүлгөн учурда да кепилдикке алынат.

6-статья. Мугалимдин ар-намысын жана кадыр-баркын коргоо

Кыргыз Республикасынын же башка өлкөнүн жараны катары, мугалимдин ар-намысын жана кадыр-баркын коргоо кепилдикке алынат.

Мугалимдин кесиптик ишмердигин инспекциялоо жана контролдоо тутуму анын эркин чыгармачылык демилгесине чектөө киргизбөөгө тийиш. Аттестациянын жүрүшүндө жана башка учурларда мугалимдин ишине баа берүү калыстык менен жүргүзүлүүгө жана мугалимдин өзүнө маалымдалууга тийиш.

Мугалимдин ишин аттестациялоо, инспекциялоо жана контролдоо тартиби билим берүүнүн мамлекеттик башкаруу борбордук органы иштеп чыккан жана бекиткен жоболор менен жөнгө салынат.

Жалпы билим берүүчү мектептердин, мектепке чейинки жана мектептен тышкаркы билим берүү мекемелеринин мугалимдерин, алардын кесиптик ишине байланышпаган айыл чарба жана башка жумуштарга тартууга жол берилбейт.

Окуучулардын ата-энелери, өзүнүн мүнөзү боюнча мугалимдин кесиптик милдетине кирген маселелерге жүйөсүз кийлигишүүгө укуксуз.

7-статья. Материалдык жактан камсыз болуу укугу

Мугалимдин кызмат акысынын өлчөмү «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында аныкталган тартипте белгиленет.

Мугалимдин кызмат акысы финансы жылына (12 ай) эсептелет.

Жергиликтүү башкаруу жана өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү бюджеттин эсебинен ар бир категориянын чегинде мугалимдердин кызмат акысына кошумчаларды белгилеши мүмкүн.

Мектептер, мектепке чейинки жана мектептен тышкаркы билим берүү уюмдары камкорчулук кеңеши менен макулдашуу боюнча жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өздүк, демөөрчүлүк

каражаттардан педагог кызматкерлерине кошумча жана кошуп төлөөнү өз алдынча белгилей алат.

(Бешинчи бөлүк КР 2011-жылдын 8-августундагы N 150 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)

Мугалимдин стандарттык ченемден (ставкадан) ашкан окуу-тарбия ишине акы төлөнөт.

(Жетинчи бөлүк КР 2011-жылдын 8-августундагы N 150 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)

(Сегизинчи бөлүк КР 2011-жылдын 8-августундагы N 150 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)

(Тогузунчу бөлүк КР 2011-жылдын 8-августундагы N 150 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)

Мамлекет мектептердин мугалимдерине жана жетекчилерине республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден айлык акыны жыл ичинде толук көлөмдө өз убагында төлөп берүүнү камсыз кылат.

Мугалимдердин айлык акысы өз убагында төлөнбөгөн учурда, аны төлөп берүү «Эмгек акыны, пенсияларды, пособиелерди жана башка социалдык төлөөлөрдү өз убагында берүүнү камсыз кылуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык индексациялоо менен жүргүзүлөт.

Бийик тоолуу жана алыскы айылдык райондордо иштеген мугалимдерге Кыргыз Республикасынын өкмөтү белгилеген тартипте жеңилдиктер жана айлык акысына кошумча төлөөлөр каралат.

Турак жай аянты менен камсыз кылынбагандарга же турак жай шарттарын жакшыртууга муктаж болгондорго жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан турак жай куруу үчүн жер участоктору берилет.

Мектептерде, мектепке чейинки жана мектептен тышкаркы билим берүү мекемелеринде иштеген илимдин кандидаты же докторунун окумуштуулук даражасы бар мугалимдерге Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кошумча акы белгиленет.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралбаган мугалимдин айлыгынан кармап калууларга тыюу салынат.

Мектептер, мектепке чейинки жана мектептен тышкаркы билим берүү уюмдары окуучулардын тандоосу боюнча факультативдик сабактарды, курстарды өткөрүүгө, ийримдерди, клубдарды, илимий студияларды, спорттук жана башка бирикмелерди уюштурууга, лекцияларга акы төлөп берүүгө каражат бөлүүгө укуктуу.

(КР 2006-жылдын 28-декабрындагы N 210, 2009-жылдын 25-июнундагы N 189, 2010-жылдын 26-мартындагы N 56, 2011-жылдын 8-августундагы N 150 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

8-статья. Социалдык жактан камсыз болуу укугу

Мамлекет мугалимди анын репродуктивдик функциясына байланышкан эмгектик, турмуш-тиричиликтик жана социалдык жеңилдик шарттары менен камсыз кылат.

Жергиликтүү башкаруу жана өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен жаш адистерге турак жай аянтын күтүү жана коммуналдык тейлөө боюнча эксплуатациялык чыгымдарын төлөөдө жеңилдиктерди же жекече турак жай курулушуна процентсиз ссудаларды бере алат.

9-статья. Эс алуу укугу

Мугалимдин эс алуу укугу окуу сааттарын сарамжал пландаштыруу, жумалык эс алуу берүү, ошондой эле мыйзамдарда каралгандай жыл сайын төлөнүүчү өргүүлөргө чыгаруу менен камсыз кылынат.

Мугалимдин жумуш күнүнүн жана жумуш жумасынын узактыгы Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамында каралган чектерде белгиленет.

10-статья. Саламаттык сактоо укугу

Мугалим саламаттыгын сактоого укуктуу, бул Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык санитардык-гигиеналык, эпидемияга каршы, дарылоо-профилактикалык иш-чараларды жүргүзүү менен ишке ашырылат.

Мугалимге жыл сайын мамлекеттик дарылоо-профилактикалык мекемелерде милдеттүү түрдө амбулаториялык жана медициналык текшерүү жүргүзүлөт.

Мугалим Кыргыз Республикасынын өкмөтү белгилеген жеңилдик шартта санаторияларда жана эс алуу үйлөрүндө санаториялык-курорттук дарылануууга, пансионаттарда жана туристтик базаларда эс алуууга укуктуу.

11-статья. Жер үлүштөрү менен камсыз болуу укугу

Айыл жеринде жашаган мугалимдер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык дыйкан жана фермер чарбаларынын мүчөлөрү менен бирдей эле жер үлүштөрүнө, кыймылсыз мүлккө жана башка мүлктөргө ээ болууга укуктуу.

Райондук борборлордо, шаарчаларда, районго жана областка баш ийген шаарларда жашаган жана иштеген мугалимдерге турак үйдү кезексиз куруу жана дача участогун бөлүп берүү укугу берилет.

12-статья. Жогорку кесиптик жана орто кесиптик билим берүү окуу жайларынын педагогикалык факультеттерин бүтүрүүчүлөрдү чыныгы аскер кызматына чакырууну кийинкиге калтыруу укугу

Айыл жерлерине иштөөгө жиберилген жогорку кесиптик жана орто кесиптик билим берүү окуу жайларынын педагогикалык факультеттеринин бүтүрүүчүлөрүнө айыл жерлериндеги мектептердеги, мектепке чейинки жана мектептен тышкаркы билим берүү мекемелеринде иштеген эмгектик ишинин бүткүл мезгилинде чыныгы аскер кызматына чакыруу кийинкиге калтырылат.

13-статья. Сыйлануу укугу

Жаш муундарды окутууда жана тарбиялоодо жогорку натыйжаларга жетишкендиги үчүн мугалим билим берүүнүн борбордук мамлекеттик башкаруу органы тарабынан «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктарына көрсөтүлүшү мүмкүн.

14-статья. Мугалимдин ишинин айрым түрлөрүнө чектөөлөр

Мугалимге:

— мектепте диний, атеисттик үгүт иштерин жүргүзүүгө;

— мектепте саясий топторду, партияларды уюштурууга;

— шовинисттик, улутчул, милитаристтик идеологияларды жайылтууга;

— окуучуларды иш таштоо кыймылына жана саясий акцияларга тартууга;

— окуучуларга зордук-зомбулук кылууга тыюу салынат.

## III Глава
## Мугалимдин милдеттери жана жоопкерчилиги

15-статья. Мугалимдин милдеттери

Мугалим:

— окутууну жогорку кесиптик деңгээлде жүргүзүүгө, окуучулардын окуу программасын мамлекеттик билим берүү стандарттарынын деңгээлинен кемитпей өздөштүрүүсүн камсыз кылууга;

— окуу-тарбия ишин ата-энеге, улууларга, Кыргызстандын маданий-тарыхый байлыктарына, анын мамлекеттик түзүлүшүнө урмат көрсөтүү духунда жүргүзүүгө, айлана-чөйрөгө сарамжал мамилени тарбиялоого;

— жалпы адамзатка таандык моралдык принциптерге: ак ниеттүүлүккө, эмгекти сүйүүгө, гуманизмге, патриотизмге, чындыкка, адилеттикке жана башка жакшы касиеттерге урмат көрсөтүүнү бекемдөөгө;

— өзүнүн педагогдук билимин жана устаттыгын тынымсыз өркүндөтүүгө;

— окуучулардын ар намысын жана кадыр-баркын урматтоого;

— окуучуларды өз ара түшүнүшүү, тынчтык, элдердин ортосундагы ынтымак рухунда аң-сезимдүү турмушка даярдоого;

— окуучулардын жекече чыгармачылык жөндөмүн өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүүгө милдеттүү.

16-статья. Мугалимдин административдик, жарандык-укуктук жана жазыктык жоопкерчилиги

Мугалим, укук тартибин бузгандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.

## IV Глава
## Мугалимди даярдоо, кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу

17-статья. Педагогикалык кадрларды даярдоо

Кыргыз Республикасында мугалим кадрларын кесиптик жагынан ар кыл типтеги, ар кандай түрдөгү жана менчиктин ар кандай формасындагы кесиптик педагогикалык орто жана жогорку окуу жайлары даярдайт.

Кесиптик педагогикалык окуу жайы инсандын, мамлекеттин жана коомдун алдында өз иши үчүн жоопкерчилик тартат. Кесиптик педагогикалык окуу жайдын ишинин анын уставында каралган максаттарга ылайык келээрине контролдукту өз компетенциясынын чегинде педагогикалык окуу жайдын уюштуруучусу (уюштуруучулары) жана билим берүү ишин жүргүзүүгө лицензия берген билим берүүнү мамлекеттик башкаруунун борбордук органы ишке ашырат.

Мамлекеттик кесиптик педагогикалык окуу жайларга педагогикалык адистиктер боюнча студенттерди кабыл алуу республикалык бюджеттин каражатынын эсебинен мамлекеттик заказдын чегинде адистерди даярдоого кабыл алуу планы боюнча сынактык негизде жүргүзүлөт.

18-статья. Мугалим кадрларынын квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо

Мамлекет мамлекеттик бардык типтеги мектептердин, мектепке чейинки жана мектептен тышкаркы мекемелердин мугалимдеринин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо үчүн шарттарды түзүүнүн кепилдигин алат.

Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу юридикалык жактар тарабынан Кыргыз билим берүү институту, мугалимдердин билимин өркүндөтүүнүн областтык институттары, жогорку окуу жайлары жана илимий уюмдар же мекемелер менен келишимдер боюнча юридикалык жактардын каражаттарынын эсебинен жүзөгө ашырылат.

Мамлекет мугалимдерге жана илимий-педагогикалык кызматкерлерге илимий-педагогикалык, окуу-усулдук, ойлоп табуучулук,

экспериментальдык жана эксперттик иш үчүн чыгармачылык өргүү берүүнүн кепилдигин алат.

Мугалимдердин жана илимий-педагогикалык кадрлардын квалификация-

сын жогорулатуунун мыйзамдарда жөнгө салынбаган тартиби, түрлөрү жана формалары Кыргыз Республикасынын өкмөтү тарабынан белгиленет.

**V Глава**
**Корутунду жоболор**

19-статья. Ушул Мыйзамды жүзөгө ашырууну камсыз кылуу боюнча мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын жана кызмат адамдарынын милдети жана жоопкерчилиги

Мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, ишканалар жана алардын бирикмелери, мекемелер, уюмдар, кызмат адамдары, билим берүүнүн мамлекеттик башкаруу органдары өздөрүнүн ыйгарым укуктарынын жана милдеттеринин чегинде ушул Мыйзамды жүзөгө ашырууну камсыз кылат. Мугалимдердин укуктарын жүзөгө ашыруу боюнча милдеттерин аткарбаган же чала аткарган кызмат адамдары жана башкалар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.

Администрациялык башкаруу жагынан кызматтык милдеттерин аткарууда көрсөтүлгөн органдардын жана кызмат адамдарынын мыйзамсыз аракеттери менен мугалимдерге келтирилген зыяндын орду Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык толук көлөмдө толтурулат.

20-статья. Ушул Мыйзамдын күчүнө кириши

Ушул Мыйзам 2001-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын өкмөтү өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

***Кыргыз Республикасынын Президенти А. Акаев***
2000-жылдын 26-декабрында

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан кабыл алынган

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

*ЖАЛАЛАБАТ ОБЛУСУ*

**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНДУК БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ**

ТЕШЕБАЙ ИСАК УУЛУ АТЫНДАГЫ №35 жалпы билим берүүчү ОРТО МЕКТЕБИ мекемеси

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

*ЖАЛАЛАБАТСКАЯ ОБЛАСТЬ*

**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОННЫЙ ОТДЕЛ ОБРАЗОВАНИЯ**

УЧРЕЖДЕНИЕ ОБЩЕОБРАЗОВАТЕЛЬНАЯ СРЕДНЯЯ ШКОЛА № 35 ИМЕНИ ТЕШЕБАЯ ИСАК УУЛУ

# Б У Й Р У К №1

**Тешебай Исак уулу атындагы №35 ж.б.б. орто мектеби.**

« 1 » « 09 » 2022 -ж Колот айылы

Насаатчы мугалимдерди дайындоо жөнүндө

2022-2023-окуу жылына төмөнкү жаш мугалимдерге аты аталган мугалимдер болуп дайындалысын:

1.кыргыз тили муг. Эркулова Р наасатчы мугалим: Тажибаева А
2.дене тарбия мугалим. Орозоз А Кыргызбаева Н
3.орус тили муг. Мурзаева Э Джабарова Э
4.Баш.класс муг.Абдыкахар кызы Ф Кадыркулова Р

Негизи: №1 пед.кеңешменин чечими

**Директор** **Т.А.Рахманова**

# Окуучунун кодекси жана укугу

## Окуучунун кодекси

мен Кыргыз Республикасынын окуучусу катары төмөнкүлөргө милдеттенем

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясын сактоого, эгемендүү Кыргызстандын символдору болгон гимнди, гербди, желекти билүүгө урматтоого;

2. Манастын осуяттарынын негизинде чынчыл жана адилет жашап, өлкөнүн атуулу катары өз Ата-Мекенимди урматтоого жана сүйүүгө;

3. Улууларды, мугалимдерди жана ата-энелерди урматоого;

4. Акыл эсимди өстүрүүгө, билимдүүлүккө жана адептүүлүккө умтулууга;

5. Эне тилимди сүйүүгө жана үйрөнүүгө, башка элдердин, өлкөлөрдүн тилин жана маданиятын сыйлоого;

6. Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана балдардын укугун коргоо жөнүндөгү конвенцияда каралган өзүмдүн жана башкалардын укуктарын коргоого;

7. Ден-соолугумду сактоо, чыгармачыл жөндөмдүүлүгүмдү өстүрүү жана кам көрүү аркылуу өзүн-өзү өнүктүрүүгө;

8. Дайыма үлгүлөрдүн катарында болууга жана жардамга муктаждарга колдоо көрсөтүүгө;

9. Акыл-эстүү болууга, ойлонулбаган чечимдерди кабыл албоого;

10. Ар ким менен өз ара түшүнүүчүлүк мамиледе болуу, башкаларга жардам берүүгө;

11. Башкалардын көз караштарын, каада -салттарын жана динин сыйлоо менен толеранттуулукту сактоого.

Ошону менен бирге төмөнкүлөргө укутуумун

1. Өзүмдүн билимиме жана билгичтигиме туура баа алууга;

2. Өзүмдүн кол тийбестигим коргоого, өзүмдүн курбуларым, мугалимдерим, улуулар тарбынан сыйлоого;

3.Өзүмдүн оюмду, көз карашымды эч кимден коркпой эркин айтууга.

Жалал-Абад облаттык юстиция башкармасы
199 ж. 2017 24 март
Юридикалык жак мамлекеттик каттоодон кайра өткөрүлдү № 0018368 күбөлүк
Алгачкы катталган күнү 199 ж.
02. октября 2003
Управление юстиции Жалал-Абадской области
Произведена государственная перерегистрация юридического лица
2017 24 марта 199 г.
Свидетельство № 0018368
Дата первичной регистрации
02. октября 2003 199 г.

"Бекитемин"
Базар-Коргон райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы:
____________ Т.Ж.Усенов
«24» апрель ______ 2017-ж.

# Тешебай Исак уулу атындагы №35 жалпы билим берүүчү орто мектебинин

# У С Т А В Ы

**Тешебай Исак уулу атындагы №35 жалпы билим берүүчү орто мектебинин**

## УСТАВЫ

1. **Жалпы жобо.**
2. **Мектептин ишин уюштуруу.**
3. **Билим берүү процесси.**
4. **Билим берүү процессинин катышуучулары.**
5. **Мектепти башкаруу.**
6. **Мүлк жана материалдык-финансылык каражаттар.**
7. **Эл аралык кызматташтык.**
8. **Мектепти жоюу жана өзгөртүп уюштуруу.**

### 1. Жалпы жоболор.

1.1 Базар-Коргон районундагы Тешебай Исак уулу атындагы №35 жалпы билим берүүчү орто мектеби мекемеси жалпы башталгыч, жалпы негизги жана жалпы орто билим берүү программаларын ишке ашырган жалпы билим берүү уюму болуп саналат.

Уюштуруу-укуктук формасы: **- мекеме.**

Менчиктин түрү: **- мамлекеттик.**

Жалпы билим берүү уюмунун фирмалык толук аталышы:

- мамлекеттик тилде: **- Тешебай Исак уулу атындагы №35 жалпы билим берүүчү орто мектеби мекемеси;**

- расмий тилде: **- учреждение общеобразовательная средняя школа №35 имени Тешебай Исак уулу.**

Жалпы билим берүү уюмунун кыскача аталышы:

- мамлекеттик тилде: **- Т.Исак уулу а. №35 ж.б.б.о.м.**

- расмий тилде: **- ОСШ №35 им. Т.Исак уулу.**

1.2 Жалпы билим берүү уюмунун жайгашкан дареги: **- Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад облусу, Базар-Коргон району, Акман айыл аймагы, Колот айылы.**

1.3 Жалпы билим берүү уюмунун уюштуруучусу: **- Базар-Коргон райондук билим берүү бөлүмү.**

1.4 Мектеп үзгүлтүксүз билим берүү системасынын негизги бөлүгү болуп саналып, мамлекет тарабынан кепилдик берилген милдеттүү жана акысыз жалпы башталгыч жана жалпы негизги билим алууну, ошондой эле акысыз жалпы билим алуу боюнча Кыргыз Республикасынын жарандарынын укугун ишке ашыруу үчүн шарттарды түзөт.

1.5 Мектептин иши төмөнкү принциптерге негизделет.

- республиканын бардык жарандарынын сапаттуу билим алуу укуктарына теңдиги;
- гумандуулук жана жалпы адамзаттын баалуулуктарынын артыкчылыгы;
- жарандуулук жана патриоттук;
- билим берүү процессинин ыраатуулугу жана үзгүлтүксүздүгү;
- окутуунун динден тышкары мүнөзү;
- академиялык эркиндик жана ак ниеттик;
- жоопкерчилик жана натыйжалуулук.

1.6 Тешебай Исак уулу атындагы №35 жалпы билим берүүчү орто мектеби мекемеси өзүнүн билим берүүчү, укуктук жана чарбалык-экономикалык ишин Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларын жана ушул Уставын жетекчиликке алат.

1.7 Мектептин негизги максаттары деп мамлекеттик билим берүү стандарттарын аткаруунун жана турмуштук компетенцияларына жетишүүнүн негизинде окуучулардын инсандык жалпы маданиятын калыптандыруу, кесиптик билим берүү программаларын аң-сезимдүүлүк менен тандоо жана андан ары өздөштүрүү үчүн негиз түзүү, жарандуулукка тарбиялоо, адамдын укуктары менен эркиндигин урматтоо, толеранттуу болуу, Мекенин, үй-бүлөсүн жана курчап турган айлана-чөйрөнү, эмгекти сыйлоо, сергек жашоо адаттарын калыптандыруу эсептелинет.

1.8 Мектеп адамдын, коомдун, мамлекеттин кызыкчылыктары үчүн окуучуларды окутууну жана тарбиялоону жүргүзүп, инсандын ден соолугун сактоону камсыздаган жана ар тараптан өнүгүүсүнө, анын ичинде өз алдынча жана кошумча билим алуу зарылчылыгын канаттандыруу боюнча дагы ылайыктуу шарттарды түзөт.

1.9 Мектеп мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык, жалпы башталгыч, жалпы негизги жана жалпы орто билим берүүнүн сапаты, билим берүү жана тарбиялоо процессин уюштурууда окуучулардын жашына жараша психологиялык жана физиологиялык өзгөчөлүктөрүнө, шыктуулуктарына жана жөндөмдөрүнө колдонулуучу тариздердин, усулдарын жана каражаттардын шайкештиги, алардын өмүрлөрүн жана ден соолуктарын коргоо ченемдери жана эрежелери боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган тартипте жооп тартат.

1.10 Жалпы башталгыч, жалпы негизги жана жалпы орто билим берүү күндүзгү тариздe жүзөгө ашырылат. Окуучулардын физиологиялык жана психологиялык акыбалдарына байланыштуу жалпы билим берүү программалары үй-бүлөлүк жана жекече билим алуу тариздеринде өздөштүрүлүшү мүмкүн. Үй-бүлөлүк, жекече түрүндөгү жалпы билим берүү программаларынын өздөштүрүү шарты жана тартиби уюштуруучу тарабынан аныкталат жана окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) менен түзүлгөн келишимге ылайык жүзөгө ашырылат.

1.11 Билим алуунун бардык тариздеринде конкреттүү негизги жалпы билим берүү программасынын чегинде бирдиктүү мамлекеттик билим берүү стандарты иштейт.

## 2. Мектептин ишин уюштуруу.

2.1. Тешебай Исак уулу атындагы №35 жалпы билим берүүчү орто мектеби мекемеси юридикалык жак катары уставы, эсептөө жана башка счёттору, мамлекеттик жана расмий тилдеринде почталык дареги жазылган мөөрү, бурч –мөөрү (штамп) жана бланктары бекитилип берилген мүлкү бар уюм болот.

2.2. Мектеп Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен тартип боюнча мамлекеттик аттестациядан (аккредитациядан) өтөт.

2.3. Мектеп уюштуруучунун же ал ыйгарым укук берген органдардын макулдугу боюнча юридикалык жак же филиал статусу бар түзүмдүк бөлүмдөрүн түзүп, аларды өз алдынча мүлк менен камсыздайт. Түзүмдүк бөлүмдөр, өзүнүн түзүмдүк бөлүмдөрүн ачууга укуксуз. Юридикалык жак же филиал статусун алган түзүмдүк бөлүмдөр Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте мамлекеттик каттоодон өтүшөт.

2.4. Мектеп Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык келишимдин негизинде кесиптик уюмдарын жана бирикмелерин (педагогикалык ассоциацияларды, союздарды, окутуу-усулдук бирикмелерди ж.б. кеңештерди жана уюмдарды) түзүүгө жана алардын иштерине катышууга укуктуу.

**2.5.** Окуучулардын акысыз медициналык тейлөөсүн саламаттыкты сактоо органдары тарабынан . мектепке атайын бекитилген медициналык кызматкер жүргүзөт. Мектеп администрациясы менен бирдикте медициналык кызматкер да алдын ала дарылоо иш чараларын жүргүзүү, окуучулардын санитардык –тазалык ченемдери, тамактануударынын сапаты жана режими боюнча жооп тартат. Медициналык кызматкердин иш жүргүзүшү үчүн мектепте атайын бөлмө каралат, ошондой эле медициналык кызматкердин билдирмеси боюнча билим берүүнү мамлекеттик башкаруунун тийиштүү региондук органы алдын ала дарылоо каражаттары менен камсыздайт.

**2.6.** Мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарында окуучулардын тамактануусун уюштуруу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен аныкталат.

**2.7.** Мектепте класстардын саны жарандардын тапшырган арыздарына жана санитардык –тазалык эрежелери менен класстарды толукталышынын чектүү ченемдердин негизинде мектеп процессин жүргүзүү үчүн түзүлгөн шарттарга байланыштуу болот.

**2.8.** Мектепте класс комплекттеринин толукталышынын чектүү ченемин Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктайт.
Чакан комплектүү мектептин класстарынын толукталышы тийиштүү шарттар жана каражаттардын болушуна жараша белгиленет.

**2.9.** Мектепте окуучулардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) сураныччтары боюнча Кыргыз Республикасынын тийиштүү ченемдик укуктук актысынын негизинде акы төлөнүүчү узартылган топторду ачууга укуктуу.

**2.10.** Мектепте балдарды психикалык жана физиологиялык деңгээлинин окууга толук даяр эместигин жоюу максатында алардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) сураныччтарын эске алып, уюштуруучунун макулдугу менен Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамдарынын негизинде компенсациялуу окутуу класстары ачылышы мүмкүн.

**2.11**. Мектепте уюштуруучунун макулдугу боюнча Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамдарынын негизинде акыл-эсинде жана дене түзүлүшүнө кынтыгы бар окуучулар үчүн атайын (коррекциялоочу) класстары ачылышы мүмкүн.
Окуучуларды атайын (коррекциялоочу) класстарга которуу (жиберүү) алардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) макулдугу менен психологиялык-медициналык консультациянын корутундусу боюнча райондук билим берүү бөлүмү тарабынан Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамына ылайык жүргүзүлөт.

## 3.Билим берүү процесси.

**3.1.** Тешебай Исак уулу атындагы №35 жалпы билим берүүчү орто мектебинде билим берүү процессин негизги жалпы билим берүү программаларынын деңгээлдерине ылайык үч баскычында жүргүзөт:
- жалпы башталгыч билим берүү (окутуунун ченемдик мөөнөтү - 4жыл)
- жалпы негизги билим берүү (окутуунун ченемдик мөөнөтү - 5жыл)
- жалпы орто билим берүү (окутуунун ченемдик мөөнөтү - 2жыл).

**3.2.** Мектепке 6-7- жаштагы балдар кабыл алынат, ар бир класста окутуунун узактыгы бир окуу жылынан кем эмес.

**3.3.** Башталгыч жалпы билим берүүнүн милдеттери болуп окуучуларды окутуу, тарбиялоо жана өнүктүрүү, алардын окуудагы, жазуудагы жана саноодогу жалпы билүүлөрү менен жөндөмдөрүн, логикалык ой жүгүртүү элементтерин жана таанып билүү ишин, өз алдынча билим алуунун жана өзүн-өзү уюштуруунун жөнөкөй ыкмаларын, жүрүм-турум жана сүйлөөнүн маданиятын, өздүк тазалыгынын негиздерин жана жашоонун сергек адаттарын өздөштүрүү эсептелет.
Жалпы башталгыч билим берүү негизги жалпы билим алуу үчүн база болуп саналат.

**3.4.** Жалпы негизги билим берүүнүн милдеттери болуп окуучуларды инсан катары тарбиялоо, түзүү жана калыптандыруу үчүн социалдык жактан өзүн-өзү аныктоого, өз алдынча иш тажрыйбасын өздөштүрүүгө жана өзүн-өзү көзөмөлдөөгө багытталган шыктарын жана компетенцияларын өнүктүрүү эсептелет.
Жалпы негизги билим берүү жалпы орто билим, башталгыч жана орто кесиптик билим алуу үчүн база болуп саналат.

**3.5.** Жалпы орто билим берүү жалпы билим берүүнүн аяктоочу этабы болуп, окуучуларды туруктуу компетенцияларын жана чыгармачылык шыктарын өнүктүрөт, ошондой эле дифференцияланган окутуунун жана кесипти же эмгектенүүнү аң-сезимдүү тандоо үчүн даярдонун негизинде өз алдынча окуу көнүгүүлөрүн калыптандырууну камсыздайт.
Жалпы орто билим башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүү программалары боюнча окууну улантууга база болуп берет.

**3.6.** Мектеп жалпы орто билим берүүнүн мазмуну мамлекеттик билим берүү стандартынын жана негизги жалпы билим берүү программаларынын негизинде аныкталып, мектеп өз алдынча ишке ашырат.

**3.7.** Тешебай Исак уулу атындагы №35 жалпы билим берүүчү орто мектебинде **окутуу кыргыз тилинде** жүргүзүлөт. Мектепте Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили деп аныкталган кыргыз тилин мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык окутат. Кыргыз Республикасынын расмий тили катары орус тили, ошондой эле бир чет тили, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министирлиги бекиткен базистик окуу планына ылайык окутулат.

**3.8.** Мектеп тийиштүү шарттары (педагогикалык кадрлар, окутуу-усулдук каражаттар, материалдык-техникалык жабдуулар ж.б.) болсо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, негизги жалпы билим берүү программаларынан тышкары да кошумча билим берүү программаларын ишке ашыра алат жана кошумча билим берүү кызматын (келишимдин негизинде) көрсөтө алат.

**3.9.** Кошумча билим берүү программалары жана кошумча билим берүү кызматы окуучулардын жана ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) макулдуктары менен тийиштүү шарттар түзүлсө өткөрүлөт.

**3.10** Мектеп Кыргыз Республикасынын тийиштүү ченемдик укуктук актыны жетекчиликке алып, баа коюу системасын, окутуунун жана тарбиялоонун тариздерин, ыкмаларын жана усулдарын, ошондой эле окуучулардын которуу сынактарынын мезгилдүүлүгүн жана тариздерин тандоого укуктуу.

**3.11** Мектеп базистик окуу планынын негизинде иштелип чыккан иш окуу планы боюнча билим берүү процесси өткөрүлөт. Окуучулардын окуу жүктөмү чектелген жүктөмдүн ченеминен ашпаш керек жана Базистик окуу планынын окуу сабактарын окутууга бөлүнгөн сааттарынын санынан төмөн болбош керек.
Мектепте окуу процесси башталгыч класстар үчүн беш күндүк, негизги жана орто билим берүүчү класстар үчүн алты күндүк иш режими менен жүргүзүлөт.

**3.12** Мектепте окуу жылы 1-сентябрдан башталат.
Мектепте билим берүү I- II- III- баскычтарында окуу жылынын созулушу, мамлекеттик жыйынтыктоо аттестациясынын мөөнөттөрүн эсептебегенде 34 аптадан кем эмес, ал эми биринчи класста 33 аптаны түзөт.
Окуу жылынын ичинде каникулдарынын созулушу 30 календардык күндөн кем эмес, жайында 14 календардык күндөн кем эмести түзөт. Биринчи класстын окуучуларына окуу жылынын ичинде кошумча бир апталык каникулдар берилет.
Мектепте биринчи классында сабактын созулушуш 40 минутаны, ал эми экинчиден он биринчи класстарга чейин 45 минутаны түзөт.

Мектеп жылдык (календардык) окутуу жүгүртмөсүн райондук билим берүү бөлүмү менен макулдашып, бекитет.

3.13 Мамлекеттик билим берүү саясатын ишке ашырган мектептердин ишин мамлекеттик контролдоону билим берүү тармагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган жана билим берүүнү мамлекеттик башкаруунун региондук органдары жүргүзөт.

3.14 Жалпы орто билим берүүнүн сапатынын кепилдигинин негизги таризи болуп жаңы типтеги мектептеринин аныкталган тартипте 5 жылда бир жолу өткөрүлүүчү мамлекеттик аттестациясы (аккредитациясы) эсептелинет.

## 4. Билим берүү процессинин катышуучулары.

4.1 Мектептин окуу процессинин катышуучулары болуп окуучулар, педагогикалык кызматкерлер (мындан ары - мугалимдер) жана окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) эсептелинет.

4.2 Мектепке бекитилген аймакта жашаган окуу жашындагы балдардын жана өспүрүмдөрдүн бардыгы арыздарынын жана аныкталган үлгүдөгү медициналык маалымкаттарынын негиздеринде мектепте билим берүүнүн бардык баскычтарына кабыл алуулары сыноосуз, акчалай жана башка төлөмдөрсүз өткөрүлөт.

4.3 Мектеп кабыл алып жатканда окуучуларды жана алардын ата-энелерин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) өзүнүн уставы жана окуу процессин жөнгө салуучу башка да жердиктүү документтер менен тааныштырууга милдеттүү.

4.4 Окуучулардын жана ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) укуктары менен милдеттери мектептин ушул Уставында аныкталат.

4.5 Окуучулар төмөнкүлөргө укуктуу:
- мектептин ар кайсы этабына окууга кирүүгө жана билим алуунун таризин тандоого;
- мамлекеттик билим берүү стандарттарынын деңгээлинде милдеттүү жана акысыз жалпы башталгыч, жалпы негизги жана акысыз жалпы орто билим алууга;
- кошумча билим берүү кызматын, анын ичинде акы төлөнүүчү да таризде алууга;
- мектептин китепканасынын, маданияттык-спорттук жана өндүрүштүк базасын пайдаланууга;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аныкташкан тартиптер боюнча бекер тамактанууга жана медициналык тейлөөгө, жүргүнчү автотранспортто жүрүүнүн жеңилдиктерин пайдаланууга;
- уставда аныкталган таризде мектепти башкарууга катышууга;
- балдар уюмунун ишин уюштурууга жана ага катышууга;
- инсандык кадыр-баркты урматтоого жана маалымат эркиндигине, өзүнүн жеке көз карашын жана ынанымдарын эркин айтууга;
- жалпы негизги жана жалпы орто билим берүүнү аяктаганда мамлекеттик үлгүдөгү билими жөнүндө докуметтерин өз учурунда алууга укуктуу.

4.6 Окуучулар төмөнкүлөргө милдеттүү:
- мектептин уставын тутууга жана аткарууга;
- мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарынын деңгээлинде жалпы билим берүү программаларын өздөштүрүүгө;
- Кыргыз Республикасынын аймагында жашаган кыргыз жана башка да улуттардын салттарын, мектептин башка окуучуларынын жана кызматкерлеринин ар-намысын жана кадыр-баркын урматтоого;
- ички тартипти сактоо боюнча мектептин, анын ичинде мектептик кийим (мектеп формасын кийүү) талаптарын аткарууга;
- мектептин мүлкүнө этиеттик мамиле кылууга милдеттүү.

4.7 Мектептеги тартип окуу процессинин бардык катышуучуларын инсандын кадыр-баркын урматтоосунун негизинде жолго салынат. Окуучуларга карата кара күч колдонууга жана психикалык зомбулук ыкмаларын колодонууга кескин тыюу салынат.

4.8 Мектеп окуучулардын жана ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) макулдугусуз жалпы билим берүү программаларында жана Базистик окуу планында каралбаган жумуштарды аткарууга жол берилбейт.

4.9 Окуучуларды коомдук-саясый жана диний партиялар менен уюмдарга, аскердик түзүлүштөргө кирүүсүнө (өтүүгө), ошондой эле ушул партиялар менен уюмдардын иштерине, агитациялык кампаниялар менен саясый акцияларына катышуусун мажбурлоого жол берилбейт.

4.10 Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамдарына ылайык жалпы негизги жана жалпы орто билим берүүнүн негизги жалпы билим берүү программаларын өздөштүрүү бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик жыйынтыктоо аттестациясы менен аяктайт.
Тийиштүү класстардын негизги жалпы билим берүү программаларын толук өлчөмдө өздөштүргөн окуучулар мектептин педагогикалык кеңешинин чечими боюнча менен кийинки класска которулат.
Өткөн класстын (баскычтын) негизги жалпы билим берүү программаларын өздөштүрбөгөн окуучулардын Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамына ылайык мектептин кийинки классына (баскычына) окуусуна жол берилбейт.

4.11 Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациядан өткөн мектептин бүтүрүүчүсүнө Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамдарына ылайык мектептин герби бар мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн билиминин артыкчылыгы жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документ (күбөлүк, аттестат) тапшырылат.
Бир же бир нече сабактарды өздөштүрүүдө өзгөчө ийгиликтерге жетишкен бүтүрүүчү "Айрым сабактарды өздөштүрүүдө жетишкен өзгөчө ийгиликтери үчүн" деген Мактоо грамотасы менен сыйланат.
Бардык сабактар боюнча эң жакшы чейректик, жылдык жана жыйынтыктоочу баалары бар көчүрүү класстарынын окуучулары "Окуудагы эң жакшы ийгиликтери үчүн" деген Мактоо баракчасы менен сыйланышат.

4.12 Мектептин педагогикалык кенешинин чечими жана балдардын иштери боюнча комиссиянын макулдугу боюнча укукка каршы иш-аракеттерди жасаган жана мектептин уставын көп жолу одоно бузгандыгы үчүн 15 жашка чыккан окуучуларды, педагогикалык таасир этүүнүн чектүү чарасы катары мектептен чыгарууга жол берилет.
Балдардын иштери боюнча комиссия ата-энеси (мыйзамдуу өкүлү) менен бирдикте чыгарылган окуучуну башка жалпы билим берүү уюмунда окуусун улантуу же ишке орноштуруу боюнча чечимин бир ай ичинде кабыл алат.
Жетим балдарды жана ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) багуусунан ажыраган балдарды жалпы билим берүү уюмунан чыгаруу жөнүндө чечим тийиштүү жергиликтүү мамлекеттик администрациянын алдындагы үй-бүлөнү жана балдарды коргоо боюнча бөлүмдөрдүн макулдугу менен кабыл алынат.

4.13 Окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) төмөнкүлөргө укуктуу:
- жалпы билим берүү уюмун тандап, окуусун улантуу үчүн окутуунун бардык этабына балдарын жиберүүгө жана билим алуунун таризин тандоого;
- мамлекеттик билим берүү стандарттарынын чегинде окуучулардын жалпы орто билим алуу укугун сактоону талап кылууга;
- балдардын мыйзамдуу укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоого;
- уставда аныкталган таризде мектептин башкаруусуна катышууга;
- билим берүүнү мамлекеттик башкаруунун тийиштүү региондук органына балдарды окутуу жана тарбиялоо маселелери боюнча кайрылууга укуктуу.

4.14 Окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) төмөнкүлөргө милдеттүү:

- балага жалпы орто билим алуу үчүн зарыл шарттарды түзүүгө;
- балдардын күч-кубатына жана психикалык ден соолуктарына ар дайым камкордук көрүүгө;
- баланын инсандык намысын урматтап, аны улуттук, тарыхый, руханий-маданияттык байлыктарын жана элдик салттарды, Мекенин, айлана-чөйрөнү урматтоого, тарбиялоого;
- мектептин уставындагы өзүлөрүнүн укуктарын жана милдеттерин аткарууга жана балдарынын тарбиясына жана балдары жалпы билим берүү уюмдарына зыян келтиргендиги үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдары аныктаган тартипте жооп берүүгө.

4.15 Мектепти мугалимдер менен толуктоо (комплектөө) Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине ылайык жүргүзүлөт. Мугалимдер үчүн негизги жумуш берүүчү болуп мектеп эсептелет.

Педагогикалык кызматка билими жөнүндө диплому, тийиштүү педагогикалык квалификациясын ырастаган педагогикалык адистикке ээ болгон адамдар кабыл алынат.

Педагогикалык билими жана дасыгы жок жараандар кайра даярдоо курсунан өтүшкөндөн кийин гана педагогикалык кесипте иштөөгө укуктуу.

Соттолгон же Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен тизме боюнча медициналык көрсөткүчтөрү бар жарандарга жалпы билим берүү уюмунда иштөөгө жол берилбейт.

Педагогикалык иш жүргүзүү укугунан ажыратуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт.

4.16 Мугалимдердин эмгек мамилелери Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине ылайык түзүлгөн келишим менен жөнгө салынат.

4.17 Мугалимдер төмөнкүлөргө укуктуу:
- окутуунун жана тарбиялоонун усулдарын, жалпы билим берүү программаларын, окутуу-усулдук комплекттерди, окуучулардын билимин баалоонун усулдарын өз алдынча тандоого жана колдонууга;
- мамлекеттик билим берүү стандарттарынын, окутуу жана тарбиялоо усулдарынын негиздеринде автордук жалпы билим берүү программасын, окуу китебин, окутуу-усулдук колдонмолорун иштеп чыгууга жана колдонууга;
- алдынкы педагогикалык тажрыйбаларды жүзөгө ашырууга;
- өзүнүн кадыр-баркын жана кесиптик ар-намысын коргоого;
- кесиптик иши үчүн тийиштүү шарттарды талап кылууга;
- өзүнүн кесиптик деңгээлин жана дасыгын жогорулатууга (бул максатта мектептин администрациясы мугалимдерди кайра даярдоо жана дасыктарын жогорулатуу курстарында окутуу үчүн тийиштүү шарттарды түзөт);
- Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамдарына ылайык өз ыктыяры менен аттестацияланууга;
- Уставда аныкталган таризде мектепти башкарууга катышууга;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары кабыл алынган кошумча социалдык кепилдиктерге жана жеңилдиктерге.

4.18 Мугалимдер төмөнкүлөргө милдеттүү:
- педагогикалык этиканы жана мектептин уставын тутууга жана аткарууга;
- мамлекеттик билим берүү стандарттарынын деңгээлинде окуучулардын негизги жалпы билим берүү программаларын өздөштүрүүлөрүн камсыздоого;
- окуучулардын өзгөчөлүктөрүн, ишке чеберчилик менен мамиле кылууларын өнүктүрүүгө, жүрүм-турумдарынын жогору ахлактык сапаттарын тарбиялоого;
- билим берүү тармагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган бекиткен кызматтык дасыктык талаптарга ылайык келүүгө;
- өзүнүн кесиптик деңгээлин ар дайым өркүндөтүүгө жана дасыктарын жогорулатууга;
- окуучуларга карата моралдык жана күч ыкмаларын колдонбоого милдеттүү.

4.19 Педагогикалык жүктүн өлчөмү окуу планы боюнча саттардын санына, мектептин кадрлар менен камсыздыгына жана башка да иш шарттарына жараша аныкталат. Окуу планынын саттарынын саны азайтылбаса же класстардын саны кыскартылбаса, окуу жылынын башында белгиленген окутуу жүктөмүнүн өлчөмү (педагогикалык иши) окуу жылынын

ичинде мектеп администрациясынын демилгеси менен бир ставкадан төмөн кыскартылбайт. Жаңы окуу жылынын башында окутуу жүгүн белгилөөдө, бул мектеп негизги иш орду болуп саналган мугалимдер үчүн класстарда сабак өтүү өлчөмү жана окутууну улантуу сакталат.

4.20 Мугалимдердин макулдугусуз кесиптик милдеттери жана эмгек келишими менен каралбаган жумуштарга тартууга жол берилбейт. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган учурлардан тышкары, эмгек келишими менен каралбаган жумушту аткарууга мугалимдин каршы болушу аны кызматтан бошотууга негиз боло албайт.

## 5. Мектепти башкаруу.

5.1 Мектепти башкаруу Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамына, ушул мектептин уставына ылайык демократиялык, ачык-айкындык, өз алдынчалык жана мамлекеттик-коомдук кызматташтык принциптерине ылайык жүргүзүлөт.

5.2 Мектепти тең башкаруунун тариздери болуп жалпы чогулуш, педагогикалык кеңеш, камкордук кеңеш, ата-энелер комитети, окуучулардын өз алдынча башкаруулары жана башка кеңештер эсептелинет.
Мектептин тең башкаруу органдарын шайлоо тартиби жана алардын ыйгарым укуктары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык аныкталат.

5.3 Мектепте түздөн-түз жетекчиликти директор жүзөгө ашырат. Мектептин директору райондук билим берүү бөлүмү тарабынан кызматка дайындалат жана ээлеген кызматынан бошотулат. Мектептин директору Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине ылайык кызматка дайындалат, которулат жана ээлеген кызматынан бошотулат.
Директорлук кызматка пенсия жашынан өтпөгөн, жогорку педагогикалык билими жана 7 жылдан кем эмес педагогикалык стажы бар, Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы ченемдик укуктук актыларын, психологияны, менеджментти жана билим берүүнү каржылоону, мектепте билим берүү маселелери боюнча мамлекеттик институттардын жана коомдук уюмдардын укуктарын жана милдеттерин билген Кыргыз Республикасынын жараны дайындалат.

5.4 Директордун орун басарын жана материалдык-жоопкерчиликтүү кызматкерди кызматка дайындоо жана кызматтан бошотуу мектеп директорунун сунуштамасы боюнча райондук билим берүү бөлүмү тарабынан жүргүзүлөт.
Педагогикалык жана башка кызматкерлерди жумушка алууну жана кызматтан бошотууну мектеп директору Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексине ылайык жүргүзөт.

5.5 Мектептин директору ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн), мамлекеттин жана коомдун алдында өзүнүн кызматтык милдеттерине, эмгек келишимине жана мектептин уставына ылайык жекече түрдө жоопкерчилик тартат.

5.6 Директор:
- Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" жана "Мугалимдин статусу жөнүндө" мыйзамдарын, жалпы орто билим берүү жаатындагы ченемдик укуктук актыларын сактап, ишке ашырат;
  - билим берүүнү райондук билим берүү бөлүмүнүн макулдугу боюнча педагогикалык кеңеш менен бирдикте мектептин негизги өнүгүү багыттарын аныктап, ишке ашырат;
  - жарандардын жалпы орто билим алуу зарылчылыктарын канааттандырат;
  - администрациялык- аткаруу органдарында жана башка мекемелерде мектептин укуктарын жана кызыкчылыктарын көздөйт жана коргойт;
  - мугалимдерди жана техникалык персоналды тандоону жана жайгаштырууну жүргүзөт, педагогикалык кеңештин ишин жетектейт;

- билим берүүнү райондук билим берүү бөлүмү менен макулдашылган окуу планын мугалимдер менен бирдикте жүзөөгө ашырат;
- мамлекеттик билим берүү стандарттарынын жана негизги жалпы билим берүү программаларынын чегинде окуучуларды билимдеринин жеткиликтүүлүгүн жана сапаттуулугун камсыз кылат;
- класстан тышкары иштердин мазмуну аркылуу окуучулардын тарбиялоо ишин камсыздайт жана көзөмөлдөйт;
- мугалимдердин дасыктарын жогорулатууга жана алардын кесиптик өсүшүнө шарттарды түзөт, ошондой эле алардын аттестациясын өткөрөт;
- билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документтерин тапшырууну уюштурат жана аларды даярдоо үчүн бүтүрүүчүлөр жөнүндө тапшырылуучу маалыматтын тактыгын камсыздайт жана жооп тартат;
- балалыкты коргоо, жашы жетишпегендердин укуктарын жана кызыкчылыктарын сактоо боюнча талаптарды көзөмөлдөйт жана сактайт;
- мектептин каржылык-чарбачылык ишин жетектейт жана көзөмөлдөйт;
- гранттардын жана инвестициялардын, ата- энелердин өз эрки менен тапшырган төгүмдөрүн, анын ичинде кошумча билим берүү кызматынан түшкөн кирешелерди да, натыйжалуу пайдаланууну көзөмөлдөйт жана жекече түрдө жооп берет;
- мектептин материалдык-техникалык базасын эсепке алуу жана сактоо, техникалык коопсуздугун жана санитардык-тазалык режимин сактоо, окуучулардын жана кызматкерлердин эмгегин коргоо үчүн жооптуу болот жана алар үчүн жооп тартат;
- жетектеген мектепте өрткө каршы коопсуздук боюнча, ошондой эле окуу учурунда окуучулардын жана кызматкерлердин өмүрлөрүнө жана ден соолуктарына коркунуч келтирген же алардын өлүмүнө алып келген учурлардын татаалдыгына жана күнөөсүнүн деңгээлине жараша Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тартиптик, административдик жана кылмыш жоопкерчилигин жекече түрдө тартат;
- кызматтык милдеттерге, мектептин уставына жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына ылайык башка да милдеттерди аткарат.

## 6. Мүлк жана материалдык-финансылык каражаттар.

**6.1** Мектептин уставдык ишин камсыз кылуу максатында уюштуруучу же ал ыйгарым укук берген орган Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган тартипте өзүнө таандык менчикти же өзү үчүнчү тараптан күрөөгө алган имараттарды, курулуштарды, жабдууларды жана башка мүлктү мектепке бекитип берет.

Мектепке жер үлүшү Кыргыз Республикасынын мыйзамында аныкталган тартипте бекитилип берилет.

Мектепке бекитилип берилген мүлк билим берүү максатынан тышкары алынып коюлушу жана (же) ээликтеп ажыратылышы мүмкүн эмес.

**6.2** Мектеп райондук билим берүү бөлүмүнүн макулдугу менен ашканасын жана спорттук залын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күрөөгө берүүгө укуктуу.

Эгерде, мектептин негизги фонддорун үчүнчү тараптын пайдасына ажыратуу каралса, мектеп бүтүм түзүүгө укуксуз.

**6.3** Мамлекеттик мектептин мүлкүн жана каржылоо ресурстарын топтоо булактары болуп:
- республикалык жана жергиликтүү бюджеттер;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тыюу салбаган бюджеттен тышкаркы ишкердүүлүктөн түшкөн мектептин өзүнүн каражаттары;
  - депозиттик салымдардан түшкөн кирешелер;
  - жекече жана юридикалык жактардын, анын ичинде чет өлкөлүктөрдүн да өз ыктыярлары менен кошкон каражаттары, кайрымдуулуктары жана максаттуу төлөмдөрү;
  - кредиттер;
  - Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка да булактар эсептелет.

**6.4** Жекече жана юридикалык жактар белек, кайрымдуулук же керээз катары берген акчалай каражаттарына, мүлккө жана менчик объектилерине, ошондой эле өз ишкердүүлүгүнөн

түшкөн кирешелерден жана ошол кирешеге сатып алынган менчиктик объектилерине да мектептин менчиктик укугу бар.

**6.5** Мектеп өзүнүн карамагындагы акчалай каражаттарынын жана менчигинин чегинде өз милдеттери боюнча жооп берет. Мектепке көрсөтүлгөн акчалай каражаты жетпей калса, анда анын милдеттери боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте уюштуруучусу жооп берет.

**6.6** Республикалык жана муниципалдык билим берүү уюмдарын каржылоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, каржылоо каражаттары болсо, жалпы билим берүү уюмдарын ченемдерден ашык каржылашы мүмкүн.

**6.7** Мектептин финансылык –чарбачылык ишин мамлекеттик контролдоону текшерүү органдары тийиштүү ченемдик укуктук актылардын негизинде жүргүзүшөт.

## 7. Эл аралык кызматташтык.

7.1 Мектеп Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган таптипте чет өлкөлүк ишканалар (мекемелер, уюмдар) менен түз байланыш түзүүгө жана банк мекемелеринде валюталык эсептерин ачууга укуктуу.

## 8. Мектепти жоюу жана өзгөртүп уюштуруу.

**8.1** Окуу жылынын аягында мектеп жоюлса же өзгөртүп уюштурулса, райондук билим берүү бөлүмү окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) менен макулдашып, аларды башка мектептерге которуу боюнча жоопкерчилигин өзүнө алат.

**8.2** Мектептин жоюлушу жана өзгөртүп уюштурулушу Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинде жана Кыргыз Республикасынын "Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлдүктөрдү) мамлекеттик каттоо жөнүндө" Мыйзамында аныкталган тартипте ишке ашырылат.

Устав Тешебай Исак уулу атындагы №35 жалпы билим берүүчү орто мектебинин жалпы педагогикалык кеңешмесинин " 14 " февраль 2017-жылдагы № 4 - чечиминин негизинде кабыл алынды.

Жалал-Абад областтык юстиция башкармасы

Номерленгени, тигилгени жана мөөр басылганы барлыгы 11 барак

199 ж. 2017. 24 апр

Управление юстиции Жалал-Абадской области

Всего пронумеровано, прошнуровано и скреплено печатью на 11 листах

2017. 24 апреля 199 г.

Тешебай Исак уулу атындагы №35 орто мектебинин кезексиз педагогикалык кеңешменин №5 протоколу

Колот айылы 15.02.2017

Каралуучу маселелер

1.Мектептин уставын өзгөртүү.

Угулду.

1.Мектеп директору Т.Рахманова "Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2011 –жылдын 12-сентябрындагы №541 токтому менен бекитилген жалпы Билим Берүү Уюму жөнүндө типтүү жобонун негизинде мектептин уставына өзгөртүүлөрдү киргизебиз.Типтүү жобо 8 бөлүмдөн турат.Ушул типтүү жобонун негизинде устав түзүлдү.Жогорууда айтылгандар боюнча өз ой пикирлериңерди билдиргиле ,"-деди.

Жарыш сөзгө чыккан тарых мугалимин Ысакова окуучулардын формасы боюнча толуктоолорду киргизди.

Андан кийин орус тилинин мугалими Оморова чыгып,ал өз сөзүндө ата-энелердин жоопкерчилигин күчөтүү боюнча өз ой пикирин билдирди.
Жарыш сөзгө чыккан окуу бөлүмүнүн башчысы Тажибаева мугалимдердин формасы сунуштарын айтты.

Жогорудагыларды угуп жана талкуулап педкеңешме

Токтом кылат:

1.№35 Тешебай Исак уулу атындагы орто мектептин уставына өзгөртүүлөр киргизилсин.
2.Уставды бекитип берүү жагы Райондук Билим берүү бөлүмүнөн суралсын.
3.Уставды өзгөртүү боюнча иш алып баруу жагы мектептин директору Рахманова Тазагүлгө жүктөлгөн.

Мектеп директору: Т.Рахманова
Катчы: Т. Насердинова

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
*ЖАЛАЛАБАТ ОБЛУСУ*
**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНДУК БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ**
ТЕШЕБАЙ ИСАК УУЛУ АТЫНДАГЫ
№35 жалпы билим берүүчү
ОРТО МЕКТЕБИ мекемеси

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
*ЖАЛАЛАБАТСКАЯ ОБЛАСТЬ*
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОННЫЙ ОТДЕЛ ОБРАЗОВАНИЯ**
УЧРЕЖДЕНИЕ ОБЩЕОБРАЗОВАТЕЛЬНАЯ
СРЕДНЯЯ ШКОЛА
№ 35 ИМЕНИ ТЕШЕБАЯ ИСАК УУЛУ

---

# Б У Й Р У К №1

**Тешебай Исак уулу атындагы №35 ж.б.б. орто мектеби.**

« 1 » « 03 » 2022 -ж Колот айылы

Усулдук бирикме жетекчилерин дайындоо жөнүндө

2022-2023-окуу жылында төмөнкү мугалимдер усулдук бирикме жетекчиликке дайындоо жөнүндө

1.”Класс жетекчилер” бирикмеси- КТИУ Кыргызбаева Н
2.”Математика” бирикмеси –математика мугалими Насердинова Т
3.”Тил” бирикмеси –кыргыз тили мугалими Амангелди к А
4.”Гуманитардык” бирикмеси –биология мугалими Ташматова Ж
5.”Социалдык” бирикмеси-тарых мугалими Жаныбекова Н
6.”БКМ” бирикмеси –башалгыс класс мугалими Абдыганы к Н

Негизи: №1 пед.кенешменин чачими

**Директор** **Т.А.Рахманова**

Кыргыз Республикасынын
Өкмөтүнүн 2014-жылдын
21-июлундагы №403 токтому
менен бекитилген

Бекитем
Колот айылындагы
Тешебай Исак уулу атындагы
№35 ж.о.б.орто мектептин
директору: Рахманова Т.

**Тешебай Исак уулу атындагы №35 жалпы билим берүүчү орто мектеби**

**Усулдук бирикме жөнүндө Жобо**

1. Жалпы жоболор

1.1. Усулдук бирикме бир нече билим беруу тармагына Кыргыз Республикасынын жалпы ортобилим беруу боюнча сунуштамасынын негизинде,билим берүү тармактарына караштуу предметтерден сабак берүүчү төрттөн кем эмес мугалимдин катышуусунда түзүлөт.

1.2. Иштин негизги багыттарын ,формаларын жана усулдарын ,усулдук бирикмелеринин мүчөлөрү ,билим берүүчү уюмдун максаттарына жана милдеттерине ылайык аныктап,билимберүүчү уюмдун усулдук кеңеши бекитет.

1.3. Билим беруучу уюмдарда тарбиячылардын ,класс жетекчилердин жана башка ушу сыяктуусулдук бирикмелери түзүшү мүмкүн .

1.4. Усулдук бирикмелердин саны мүчөлөрүнүн саны ,билим берүүчү уюму аткармакчы болгонмилдеттери чечүү зарылдыгына жараша аныкталат да,педагогикалык кенештин чечими менен белгиленет жана билим берүүчү уюмунун директорунун буйругу менен бекитилет.

1.5. Усулдук бирикменин курамына кирген мугалимдер ,окуучуларга тийиштуу билим беруутармагындагы предметтер оюнча даярдайт.

1.6. Усулдук бирикмелер билим беруучу уюмунун директорунун окуу-тарбия иштери боюнча орун басарынын (ИУИ боюнча орун басарынын) көрсөтүүсү менен директордун буйругунаылайык түзүлөт,кайра уюштурулат жана жоюлат.

1.7. Усудук бирикмелер директордун окуу тарбия иштери боюнча орун басарына түздөн –түзбаш ийишет.

1.8. Усулдук бирикмелер ишмердигинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын,билимберүү тармагына тиешелуу мыйзамдарын жана ченемдик -укуктук актыларына
жетекчиликке алышат.

2. **Мектептин усулдук бирикмесинин максаттары**

2.1. Мугалимдердин кесиптик камылгасын жана кесиптик чеберчилигин арттыруу,ошондой элежаш мугалимдердин кесиптик өсүшүнө колдоо көрсөтүү.

2.2. Предметтер боюнча билим беруу тармактары окутуу сапатына ,максаттарына жананатыйжаларына карата бирдиктуу талаптарды камсыздоо .

2.3. Бирдиктуу билим берүү ,тарбиялоо инсанды жетилтүү жана калыптандыруу чөйрөсункамсыздоо,чыгармачыл иштөөгө шарт түзүү.

2.4. Мугалимдин педагогикалык ишмердүүлүгүн натыйжалуулугун баалоо.

3. Мектептеги усулдук бирикменин милдеттери

3.1. Билим маселелери оюнча ченем жана усулдук документтерди иликтөө ,мектеп денгээлиндеги ченемдик документтерди (нускамаларды ,жоболорду,келишимдерди)иштепчыгуу.

3.2. Мектеп компонентин тандоого жана түзүүгө катышуу.

3.3. Сабак берүүнүн түрдүүлүгүн жана ар кыл денгээлдүүлүгүн эске алып,предмет боюнчаавтордук окуу китептердин мазмунун иргөө жана түзүп чыгуу.

3.4. Мугалимдердин жеке иш пландарын бекитуу,автордук программаларды жана усулдарды талдоо.
3.5. Көчүрүү класстарында жыйынтык текшерүү жол-жобосу учун аттецтациялык материалды, бүтүрүү класстарында жыйытыктоочу аттецтация өткөрүү үчүн (оозеки экзамендер үчүн)аттецтациялык материалды бекитүү.
3.6. Предметтин окутулуш абалына талдоо жүргүзүү.
3.7. Тийиштүү тематика боюнча бири-биринин сабагына катышууну уюштуруу,жетишпеген натыйжаларды ар ким өзү жана биргелешип талдоо.
3.8. Предмет боюнча ар кайсы автордун иштелмелери менен таанышуу,предметтен сабак берүү усулдарын талдоо.
3.9. Предмет боюнча усулдук иштелмелер менен таанышуу максатында ,белгилүү тема боюнча ачык сабактарды өтүү.
3.10. Алдынкы педагогикалык тажрыйбаны иликтөө,жалпылоо жана жайылтуу.
3.11. Предмет боюнча эксперименттик иш жүргүзүү.
3.12. Предмет боюнча билим беруу стандарттарынын негизинде программанын өздөштүрүлүшүнө баа берүүнүн бирдиктүү талаптарын иштеп чыгуу.
3.13. Окуучуларды аралык жана жыйынтыктоочу аттециялоо тутумун иштеп чыгуу.
3.14. Билим беруучу уюмунда предметтик жумалыктарды уюштуруп өткөрүү,предметтик олимпиадалардын,сынактардын ,биринчи баскычын уюштуруп өткөрүү.
3.15. Окуучулар менен предмет боюнча класстан тышкары иштерди уюштуруу.
3.16. Окуу кабинетине ,сабактын жабдылышына коюлуучу заманбап талаптарга ылайык предмет боюнча окутуу каражаттарын уюштуруу.
3.17. Усулдук бирикменин жаш мугалимдери менен иштешүү.
3.18. Мугалимдердин өз алдынча кесиптик билим алуусу ,кесиптик чеберчилигин жогорулатуу курстарындагы иши жөнүндө ,чыгрмачыл иш сапарлар жөнүндө отчетторду угуу.

4. Мектептеги усулдук бирикменин аткарган кызматтары.

4.1. Мектептеги иш планын ,усулдук темасын райондук , усулдук кабинеттердин сунуштарын чагылдыруучу усулдук бирикменин ишин пландоо.
4.2. Отурумдарды өткөрүү.
4.3. Семинардык сабактарды ,тренингдерди ,ачык сабктарды ж.у.с өткөрүү аркылуу мектептеги кесиптик чеберчиликти жогорулатуу тутумун уюштуруу.
4.4. Усулдук бирикменин предметтери боюнса класстан тышкаркы иштерди, конкурстардын материалдарын,олимпиадалык тапшырмалардын иштелмелерин даярдоо.
4.5. Усулдук бирикменин ар бир мүчөсүнүн эмгекке катышуу коэфицентин аныктоо үчүн комиссия түзүү.

5. Усулдук бирикменин ишин уюштуруу.

5.1. Мугалимдердин Усулдук бирикмеси өз ишин уюштуруу үчүн жетекчи шайлайт .
5.2. Усулдук бирикменин ишмердиги мектеп планына ылайык жүзөгө ашырылуучу пландоонун, педагогикалык жамааттын иштеп чыгуусуна кабыл алынган усулдук теманын, райондук, усулдук кабинеттердин нускамаларынын негизинде уюштулат.
5.3. Мугалимдердин өз алдынча кесиптик билим алуу пландары эске алынат.
5.4. Бирикменин иш планын мектеп директорунун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары окуу жылынын башталышында бекитет.
5.5. Мугалимдердин усулдук бирикменин белгилуу жана берилген тематика боюнча семинардык сабактарды,сабактар түрмөгүн уюштура алат.
5.6. Окуу жылы ичинде мугалимдердин Усулдук бирикменин отурумунда протокол жургузулуп ,токтомдор кабыл алынат.

5.7. Окуу жыл ичинде тематикалык ачык сабактарды жана класстан тышкары ищ-чараларды уюштуруу менен коштолгон бирден кем эмес семинар өткөрүлөт.
5.8. Окуу жылынын аягында билим берүүчү уюмунун директорунун орун басары усулдук бирикменин ишин талдап ,усулдук бирикменин акыркы отурумунда ишти жакшыртуу боюнча өзүнүн сунуштарын айтат.
5.9. Усулдук бирикменин документтери мектепте 3жыл сакталат, андан соң, Усулдук бирикме отурумдарынын протоколдору МБУ ишинин пландары жана талданышы 10 жылга сактоо үчүн архивке тапшырылат.

6. Мектептеги усулдук бирикменин иш кагаздары
6.1. Усулдук бирикмени ачуу жөнүндө буйрук.
6.2. Усулдук бирикменин төрагасын дайындоо жөнүндө буйрук.
6.3. Усулдук бирикме жөнүндө жобо.
6.4. Усулдук бирикменин мугалимдеринин кызматтык милдеттери.
6.5. МУБ нун өткөн жылдагы ишинин талданышы.
6.6. Жаны окуу жылына карата усулдук иштин темасы ,анын максаты ,эн маанилуу багыттары, милдеттери.
6.7. Усулдук бирикме утурумдук окуу жылына түзүлгөн иш планы, мугалимдердин предмет боюнча ачык сабактарды жана класстан тышкаркы иштерди өткөрүү графиги.
6.8. Усулдук бирикме ишинин ар айлык планы.
6.9. Усулдук бирикме мугалимдери жөнүндө маалымат.
6.10. Мектеп ичиндеги көзөмөл.
6.11. Усулдук бирикменин отурумдарынын протоколдору

7. Усулдук бирикменин укуктары
7.1. Кесиптик денгээлин жогорулатуу үчүн сунуштарын даярдоо жана мугалимдерди көрсөтүү.
7.2. Мектептеги окуу процессин жакшыртуу жөнүндө сунуш айтуу.
7.3. Усулдук бирикмеде топтолгон алдынкы педагогикалык тажрыйба жөнүндө материалдарды жарыялоого сунуштоо.
7.4. Мектеп жетекчилерине усулдук бирикменин эксперименттик ишке жигердуу катышкан мугалимдерди сыйлоо маселесин коюу.
7.5. Мугалимдерге кесиптик чеберчилигин жогорулатуунун ар түрдүү формаларын сунуштоо.
7.6. Окуучулардын окуусундагы жана тарбиясындагы маселелер боюнча кеп-кенеш алуу учун мектеп директорунун орун басарына кайрылуу.
7.7. Мугалимдерди аттестациялоону уюштуруу жана бул иштин мазмуну боюнча сунуш киргизүү.
7.8. Усулдук бирикмеде мугалимдердеги ар кайсы денгээлдеги « Жыл мугалими» жана «Мыкты класс жетекчи »конкурстарына көрсөтүү.

8. Усулдук бирикме мүчөлөрүнүн милдеттери
Усулдук бирикменин төмөндөгүдөй милдеттери бар
8.1. Кесипкөй чеберчилигин арттыруу жагынан иштөө.
8.2. Усулдук биикменин отурумдарына ,практикалык семинарларына ,алдынкы тажрыйба мектептерине ж.б.у.с. катышуу.
8.3. Педагогикалык ишмердигин өз алдынча талдоо иштерин өздөштүрүү.
8.4. Окуу предметтеринин сабак берууну диагноздоо ,божомолдоо ,пландоо маселелери боюнча материалдарды иштеп чыгуу.

8.5. Окуучуларды окутууну жана тарбиялоону натыйжалуу усулдары боюнча чыгармачыл отчетторду өткөрүү.
8.6. Жаш мугалимдерге жардам берүү.
8.7. Мектептин мугалимдери жана окуучулары учун предметтен сабак берүүнүн орчундуу маселелери боюнча кеп-кенеш өткөрүү.
8.8. Мектептин мугалимери жана окуучулары үчүн илимий-практикалык конференцияларды уюштуруу жана аларга катышуу

9. Усулдук бирикменин ишмердигин көзөмөлдөө

Усулдук бирикменин ишмердигин билим берүүчү уюмунун директору бекиткен мектептин усулдук иш жана ички көзөмөл жүргүзүү пландарына ылайык. мектеп директорунун окуу тарбия иштери боюнча орун басары,мектеп директорунун иуи боюнча орун басары көзөмөлдөйт.

- Ички көзөмөл:

Метод бирикмелердин жумалктарын ар бир айга өтүлүшүн, жаш мугалимдерге насаатчылардын жардамын, өзүн-өзү башкаруу уюмунун иши, журналдардын толтурулушу, окуучулардын окуу куралдарынын сакталышы, мектеп ичинде олимпиадалар, таланттуу окуучулар менен иштөө иштери көзөмөлгө алуу.

Бекитем

Директор Т.Рахманова

“30” 08 2022-ж

**Айлык план**

**Сентябрь**

| № | Аткарылуучу иштер | Жооптуу | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| 1 | 2022-2023-окуу жылы үчүн баскычтар боюнча календардык планын бекитүү | Мектеп администрациясы. УБ жетекчилери | 26.08-30.08 |
| 2 | Усулдук бирикмелердин иш пландарын талкулоо жана бекитүү | Окуу бөлүмүнүн башчысы,УБ жетекчилери | 26.08-30.08 |
| 3 | Окуу кабинеттердин жабдылышын кароо | организатор | 5.09-10 09 |
| 4 | Насаатчы мугалимдерди дайындоо | Насаатчылар | 12.09-17.09 |
| 5 | Мамлекеттик тил күнүнө карата иш планын иштеп чыгуу.<br>“Тил” бирикмесинин жумалыгы | Кыргыз тилчи мугалимдер | 16.09-23.09 |
| 6 | Жаш мугалимдер менен журналды толтуруу боюнча семинар өтүү | Окуу бөлүмүнүн башчысы | Дайыма |
| 7 | Талантуу жана жөндөмү начар окуучулар менен иштөөнү уюштуруу | Окуу бөлүмүнүн башчысы. Предметтик мугалимдер. | Дайыма |
| 8 | PISA-2025 изилдөөсү боюнча семинар өтүү | Окуу бөлүмүнүн башчысы | Жыл башында |
| 9 | ЖРТке окуучуларды даярдоо боюнча иш алып баруу | Окуу бөлүмүнүн башчысы. Предметтик мугалимдер. | дайыма |

Түзгөн окуу бөлүмүнүн башчысы: А.Тажибаева

«Бекитемин»

№___ _________ а.о.м. директору

______________ ________

«___» ___________ 2016-ж.

## Тарбиялык иштер боюнча директордун орун басарынын кызматтык милдеттери.

1. Мектептин жобосундагы жана Уставындагы жана келишимдеги талаптарды так аткаруу;
2. Мектептин уставына ылайык тарбиялык иштерди уюштуруу.
3. Педагогикалык, моралдык, этикалык нормаларды так сактоо.
4. Тарбиялык иштерди жетектөө жана уюштуруу;
5. Окуучуларды тарбиялоонун комплекстүү планын түзүү, бекитүү жана ишке ашырууну уюштуруу;
6. Тарбиялык иштердин эффективдүүлүгүн аныктоо;
7. «Ден-соолук» жана «Дени сак мектеп» программасы боюнча иш чараларды көзөмөлдөйт;
8. Линейка жана майрамдарды өткөрүү;
9. Балдар жана өспүрүмдөр уюмдарынын, окуучулардын өзүн-өзү башкруу органдары менен уюштурууга жардам көрсөтөт «Манас», «Семетей» «Сейтек» уюму (1-4, 5-8, 9-11);
10. Ата-энелер менен иштөө(1-11-класстар);
   а) Жаш өзгөчөлүгүнө ылайык семинар жана тренингдерди сабактарды өткөрүү;
   б) Ата-энелердин катышуусунда максаттуу иш-чараларды уюштуруу;
11. Мектептин ички территориясынын санитардык абалын көзөмөлдөө;
